Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Шейшемби, 2022-жылдын 18-октябры | №92 (3427)

Айылчы САРЫБАЕВ:

"БАШКА ӨЛКӨЛӨРДҮН АТЫН АТАП ЖАТКАНДАРДЫ "КЫРГЫЗДЫН ДУШМАНЫ" ДЕШИБИЗ КЕРЕК"

9-БЕТТЕ

Марс САРИЕВ:

"Путин айткан документтер биздин позицияны бекемдейт..."

3-БЕТТЕ

МАТРЕЗЕРВ ӨЗҮБҮЗДҮН БУУДАЙ МЕНЕН ТОЛУКТАЛАТ

Дыйкандарды сүйүнткөн жакшы кабарды Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Чүй облусунда өткөн көчмө жыйында билдирди. Анын айтканы боюнча импорттук буудайды сатып алууга бөлүнгөн каражаттар өздүк потенциалды чындоого багытталган. Төрөбаев берген расмий маалыматта Мамлекеттик материалдык резервдер фондун толтуруу үчүн жыл сайын 100 миң тоннага жакын буудай импорттолот. Ушул көлөмдөгү буудайды өзүбүздүн дыйкандардан сатып алсак, айыл чарба кыйла жанданат.

"Баалардын өсүшү жана геосаясий катаклизмдердин шартында импорттук буудайды сатып алууга бөлүнгөн каражаттарды кайра бөлүштүрүү зарылчылыгы келип чыкты. Мындай кадам реалдуу картинаны, анын ичинде мамлекет тарабынан берилген жеңилдетилген кредиттер канчалык деңгээлде сарамжалдуу пайдаланылып жатканын көрүүгө мүмкүндүк берет. Аймактарда 40 миң гектар айдоо аянты эксперименталдык негизде аныкталып, пилоттук долбоордо пайдаланылат. Өз кезегинде Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Мамлекеттик материалдык резервдер фонду дыйкандарды үрөн, жер семирткич жана керектүү көлөмдөгү күйүүчү май менен камсыз кылууга тийиш..." деген Бакыт Төрөбаев жаңы долбоордун эрежесин да түшүндүрдү. Бийлик ушундай сунуш айтып жаткан соң, дыйкандар да четте карап турбашы керек.

«КӨЛМӨ» КОНУШУНДА КУТТУУ УЯ ЭШИГИН АЧТЫ

Кечээ Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров менен Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыров Бишкек шаарындагы «Көлмө» жаңы конушундагы №78 мектеп-гимназиясынын жаңы корпусунун ачылыш аземине катышып, куттуу уянын лентасын кесишти.

Аткаруу бийлигинин башчысы: «Борбордо мектептердин жетишсиздиги чоң көйгөйгө айланып, бул маселе Президентке чейин негизги маселелердин бири катары айтылган. Ага байланыштуу үстүбүздөгү жылы 16 жалпы билим берүүчү орто мектеп куруу чечими кабыл алынган. Буга чейин мектептердин курулушуна көпчүлүк учурда 5-6 млн сомдун тегерегинде акча каражаты бөлүнүп, капсулалар салынып, курулуш иштери бир нече жылдарга созулуп кеткен. 30 жыл ичинде жалпысынан 28 мектеп курулса, быйыл бир жылда 16 мектепти курдук. Мектептердин жетишсиздиги олуттуу көйгөй жараткан жаңы конуштарга өзгөчө көңүл бурулду» - деди өз сөзүндө. 380 окуучуга ылайыкталган, 15 окуу кабинети, жыйындар залы, китепкана, спорт залы, футбол, баскетбол жана волейбол аянтчалары бар заманбап корпуска ээ болушкан "Көлмө" конушунун жашоочуларынын кубанычында чек жок.

Буюрса, инсулин, зарыл болгон дары-дармек өзүбүздөн чыгат



4-БЕТТЕ

Абдыкерим МУРАТОВ:

"Кыргыз адабиятын кыскартууга каршымын"

16-БЕТТЕ

ТӨРАГАНЫН ТАЛАБЫ

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев мамлекеттик тилибиздин талапка ылайык өнүгүүсүнүн кызуу жактоочуларынын бири. Ал буга чейин да парламент трибунасында бул теманы көтөрүп, аткаруу бийлигинен документтерди кыргыз тилинде алып келүүнү талап кылган.

Эми жаңы Төраганын келиши менен Жогорку Кеңеште мамлекеттик тил маселесине тыкыр көңүл бурулчудай болуп калды окшойт. Төрага 17-октябрда парламенттин аппарат жетекчиси баштаган бөлүм башчыларды чогултуп, мыйзам актыларын мамлекеттик тилде туура жана так жазууга байланышкан маселелерди талкуулады.

Нурланбек Шакиев Жогорку Кеңеш мамлекеттик тилди колдонууда башка бийлик бутактарына үлгү болуш керек деп эсептейт. “Бардык мыйзам актылары алгач мамлекеттик тилде даярдалып, андан кийин расмий тилге которулушу шарт. Айрыкча, парламент мыйзам чыгаруучу жана анын аткарылышын көзөмөлдөгөн орган катары мыйзам долбоорлорун кароодо мамлекеттик тилдин талаптарын, эрежелерин эске алып, орфографиялык, стилдик, пунктуациялык жана башка каталарга жол бербеши зарыл” деди ал.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

РОЗА ОТУНБАЕВА ТАЛИБ ӨКМӨТҮ МЕНЕН ЖОЛУКТУ

16-октябрда Бириккен Улуттар Уюмунун баш катчысынын Ооганстан боюнча атайын чабарманы жана БУУнун Ооганстанга көмөктөшүү миссиясынын башчысы Роза Отунбаева Кабулдагы талиб өкмөтүнүн тышкы иштер министри Амир Хан Муттаки менен жолукту.

Роза Отунбаева менен Муттаки кызматташтыктын бир топ багыттарын талкуулашып, билим берүү, банк системасы, өз ара ишеним жаратуу маселелеринде бир пикирге келе алышкан. Эске салсак, быйыл жазында талибдердин Билим берүү министрлиги кыздар да мектепке бара аларын жарыялаган. Бирок эртеси эле мекеме өз чечимин өзгөртүп, окуучу кыздардын мектепте билим алуусун чектеп койгон.

БАЛБАК ТҮЛӨБАЕВ ЖОЛ КИРЕНИН КЫМБАТТАШЫ БОЮНЧА ҮН КАТТЫ

Эл өкүлү Балбак Түлөбаев Бишкек шаарында мэрдин милдетин аткарып турганда жол кире акысын 5 сомго кымбаттатып бергенин айтып, эми жол кире көтөрүлсө эл кыйнала тургандыгын билдирди. Ал: “Жергиликтүү бюджеттен 1 миллиард сом бөлүп, электроавтобустарды, газоавтобустарды кредитке алып берсек, жеп салышыптыр. Башкы прокуратура иш козгоду. Мэр барбы, караш керек да! Жаман-жакшы көрүнүп атып, Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети акча бөлүп берип атсак, Анан “тарифти көтөрөбүз” деп... Эмне, элдин канын соргону жатышабы?" - деп суроо салды.

■ Сактыкта кордук жок

БАҢГИЧИЛИКТИ АЗАЙТУУ КАДАМДАРЫ

Жакында өлкөдөгү синтетикалык баңгизаттын түрлөрүнүн жүгүртүлүшүн көзөмөлдөгөн жаңы тутумдар иштелип чыкты. Бул тууралуу Ички иштер министрлигинин Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы кызматынын уюштуруу аналитикалык башкармалыгынын жетекчиси Айдар Шигаев билдирди.

Анын айтымында үстүбүздөгү жылдын август айында Министрлер Кабинетинин баңгизатка каршы программасы жана аны ишке ашыруу боюнча 2022–2026-жылдарга карата иш-чаралар планы бекитилген. Мындай чечим калк арасындагы баңгичиликтин деңгээлин жана ага байланыштуу терс кесепеттерди азайтуу максатында кабыл алынды. Статистикалык маалыматка таянсак, Кыргызстанда 2010-2011-жылдары баңгизатка көз каранды адамдардын саны 10 миң 800 болсо, 2022-жылдын 1-январына карата 8266 кишини түзгөн.

Мыйзамсыз баңгизаттардын жүгүртүлүшү, ага болгон сурооталап жана анын терс кесепеттери Баңгизатка каршы программа жана аны ишке ашыруу боюнча 2022–2026-жылдарга бекитилген атайын иш-чаралар планы боюнча көзөмөлдөнөт. Мындан тышкары, баңгизаттардын медициналык жана илимий максаттарда колдонулушун көзөмөлдөөнү камсыз кылат. Синтетикалык баңгизаттын түрлөрүнүн жүгүртүлүшүн көзөмөлдөгөн жаңы тутумдар иштелип чыгып, алардан тышкары дагы өлкө аймагына алынып келип жаткан психоактивдүү заттар изилденет. 1994-жылы Кыргызстан 1961-жылдагы баңги каражаттары боюнча бирдиктүү конвенцияга, 1971-жылдагы психотроптук заттар жөнүндө конвенцияга жана 1988-жылдагы Баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы БУУнун конвенциясына кошулган. Ага ылайык, өлкө баңгизаттарды мыйзамдуу жүгүртүү, анын колдонулушун алдын алуу, ооруну басаңдатуучу баңгизаттардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо сыяктуу андагы талаптарды аткарууга милдеттендирилген. Бул татаал тутум болгондуктан жүзөгө ашырууга жалгыз Кыргызстандын кудурети жетпейт. Ошондуктан Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму, Бириккен улуттар уюмунун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы, Баңгизаттарды көзөмөл кылуу боюнча эл аралык комитет жана Баңгизаттар боюнча комиссия колдоо көрсөтүп, каржы жагынан жардам берип келет.

Разия ЖООШБАЕВА

■ Эл аралык мамилелер

ААЛАМДА АРАЗДАШУУЛАР БОЛБОСУН

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2014-жылдан бери Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын “Демократиялык багыттагы өнөктөшү” макамына ээ болуп келе жатат. Ушул уюмдун жакында Страсбург шаарында өткөн күзгү пленардык жыйынына Жогорку Кеңештин депутаты Динара Ашимова катышты.

Ал аталган жыйында сөз алып, Кыргызстан ЕКПАга мүчө бардык мамлекеттер менен тыгыз кызматташтыкты өнүктүрүүгө умтулуп жаткандыгына токтолду. “Уюмдун алкагындагы 7 жылдык кызматташтыкта парламентаризм институтунун өнүгүшүнө, адам укуктарынын баалуулуктарына, мыйзам үстөмдүктөрүнө жетише алдык” деди.

Дүйнө коомчулугунун көңүлүн бурган глобалдык маселе – улуттар ортосундагы тынчтыктын бекемдиги. Бирок, бул багытта канча ирет өз ара тил табышуу сүйлөшүүлөрү жүргүзүлгөнүнө карабай, баскынчылык позициясанан баш тартпаган Тажикстан өлкөсүнүн Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүнө бүлгүн салганы кечиримсиз каргаша болду, – деген депутат: “Кыргызстандын коопсуздугуна кыянаттык менен кыйынчылык кырдаалды жараткан Тажикстандын 14–17-сентябрдагы агрессиялык кадамдарына дүйнө коомчулугунун көңүлүн бургум келет” деп кошумчалады өз баяндамасында.

Тынч жаткан Кыргызстандын чек арасындагы жарандык объектилерге, калктуу конуштарга аскердик күчтөрдү, оор согуштук техникаларды колдонуу менен кол салган тажик тараптын тең калаарлык кадамы кабырга кайыштырды. Анткени, алардын мындай мамилеге туура келбес кысымына чет элдик террористтик жанкечтилер, же жалданма согушкерлер аралаштыбы? – деген ой да кылт этпей койбойт. Чек арадагы коогалаңдан бейкүнөө 63 кыргыз жараны каза тапты. Анын ичинде жаш балдар менен аялдар, кары-картаңдар, мектеп кароолчулары болду. 200дөн ашык киши жаракат алышты. Алардын 13үү жаш балдар жана 14үү аялзаты. Маалыматтар боюнча 613 үй талкаланган. Административдик жана стратегиялык объектилердин 9у керектен чыккан. 15 социалдык жайдын да жарабай калганы белгилүү. Мындай кырдаалда жан корголоп башкалка издеген калктын 140 миңге жакыны коопсуз жайларга убактылуу көчүрүлгөн.

Эл аралык уюмдун жыйынындагы сөзүндө Динара Ашимова белгилегендей, Тажикстан тарап тажик-афган чек арасындагы жагдайга жамынып, кошумча аскердик куралжарактардын корун камдап, минометтук миналарды өндүргөн заводдор менен келишим түзүүгө билек түрүп жаткандыгы кырдаалдын кыйын экендигинен кабар берет. Кандай болгон күндө да коңшу мамлекеттер менен тынчтыкты бекемдеп, кыянаттык, кастык кылуудан оолак болуу кажет.

Эл аралык коомчулук, Кыргызстан менен кызматташкан бардык өнөктөштөр Тажик тараптын агрессиясына кайдыгер карабай, ар бири өзүнүн калыс, адилет көз карашын билдириши керек. Талаштуу маселелер күч колдонуу жолу менен эмес, тынчтык жолунда саясий-дипломатиялык усулдар аркылуу жөнгө салынууга тийиш, – деп жыйынтыктады депутат Д.Ашимова.

ЕККУнун Хельсинки боюнча жыйынтыктоочу актысынын талаптарын сактоо зарылдыгын белгилеген билдирүү кабыл алынды. Ал мамлекеттик бүтүндүктүн бекемдигин камсыздап, жаатташууларга жол бербөө негиздерин карайт. Кыргызстан Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын “Демократия үчүн” долбооруна өнөктөш болгондуктан, андагы баалуулуктарды кубаттайбыз. Тажик мамлекетин да региондогу туруктуулуккка тилектеш болуп, Европа Кеңешинин Парламенттер аралык Ассамблеясынын чечимин колдоого чакырабыз, – деп аталган уюмга кирген мамлекеттердин 26 депутаты атайын кайрылууга кол тамгаларын калтырып, колдой тургандыктарын билдиришти.

Кипариса СУРАХМАНОВА

ЧИЕЛЕНИШКЕН ЧЕК АРА

ЧЫҢАЛГАН ЖОЛУГУШУУ, МАМЛЕКЕТ БАШЧЫЛАРЫНЫН МААНАЙЫ...

Өткөн аптада Астана шаарында Президент Садыр Жапаровдун, Орусиянын Президенти Владимир Путиндин жана Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмондун үч тараптуу жолугушуусу өттү. Анда кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы талкууланды.

Үч тараптуу жолугушууну өткөрүүнү Орусиянын Президенти Владимир Путин демилгелеген. Тегерек столго олтуруп, сүйлөшүүнү баштаган Владимир Путин Кыргызстан менен Тажикстан Орусиянын жакын стратегиялык өнөктөштөрү экенин белгилеп, эл аралык уюмдар алкагында тыгыз кызматташып, ар тараптуу багыттар боюнча бекем байланыштар бар экендигин айтты. Ошону менен бирге бир миллион кыргызстандык жана эки миллион тажикстандык жарандар Орусияда жашап, эмгектенип жүргөнүн белгиледи. Аталган өлкөлөр ортосунда соода-сатык боюнча көрсөткүчтөрдүн көлөмү жогорулап жаткандыгын жана мындан ары да бул багыттын өнүгүшүнө кызыкдарлыгын билдирди. Бул өтүп жаткан үч тараптуу жолугушуунун маанаси терең экендигин кошумчалады. Владимир Путиндин бул сөзүнөн соң, жолугушуунун негизги бөлүгү жабык эшик артында өттү.

Анда Президент Садыр Жапаров жолугушуу өткөрүү демилгесин көтөргөн В.Путинге ыраазычылыгын айтып, кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасында түзүлгөн кырдаалга кеңири токтолгон. Кыргыз тарап талаштуу маселелерди тынчтык жолу жана саясий-дипломатиялык ыкмалар менен гана чечүү зарылчылыгы боюнча өзгөрүүсүз позицияны карманаарын, тажик тараптын куралдуу агрессиясынын кесепеттерин белгилеген.

Ошондой эле Кыргызстан кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын чечүүдө калыстык менен кароого, эки тарапка тең пайдалуу чечим туруктуулуктун жана коңшулардын ынтымагынын кепилдиги боло тургандыгын билдирген.

Жолугушуу өтө чыңалуу жагдайда өткөн. Муну сүйлөшүү аяктагандан кийин чыккан мамлекет башчыларынын маанайынан билсек болот. Тегерек столго олтураар алдында да эки президент бирибири менен учурашпай, салкын мамилесин көрсөтүшкөн. Канткен күндө да маселени сүйлөшүү жолу менен чечүү маанилүү. Ортомчу болом деген Орусиянын бул жаатта канчалык калыстыкты карманаары дагы чоң маселе. Анткени, акыркы эки жылда тажик тараптын кыргыз тарапка кол салуусун адаттагы көрүнүштөй көңүл сыртында калтырып келди. Былтыр Президент Садыр Жапаров Дүйшөмбү шаарында өткөн саммитте ЖККУга мүчө мамлекеттердин бири башкасына куралдуу кол салган болсо, уюм алкагында ыкчам чара көрүү менен чечим кабыл алуу боюнча жүйөлүү сунушун да салкын кабыл алышкан. Албетте, алардын арасында Орусия да жок эмес эле.

Чек арадагы жаңжалдан көп өтпөй В.Путин тажик президенти Эмомали Рахмонду "Мекенге сиңирген эмгеги үчүн" III даражадагы ордени менен сыйлаганы кыргыз коомчулугунда да кызуу талкууну жаратып, нааразычылыктар айтылган. Орусиянын Санкт-Петербург шаарында КМШга мүчө өлкөлөрдүн бейрасмий саммитине, Владимир Путиндин 70 жылдык маараке сине арналган иш-чарага Президент Садыр Жапаровдун барбай койгондугун эл жакшы түшүндү.

Андан кийин Жамааттык коопсуздук келишими уюмунун тынчтык күчтөрүнүн "Бузулбас достук" аскердик машыгуусун өткөрүүдөн баш тартты. Мындай кадам уюмга байланыштуу эмес, чек арадагы жаңжалдан кийин кыргыз коомчулугунун пикири менен эсептешүү эле.

ЖАКШЫЛЫККА ЖАМАНДЫК МЕНЕН ЖООП БЕРГЕН ТАЖИК ТАРАП

Мындан отуз жыл мурун Тажикстанда от күйүп турганда кыргыз тарап ортомчу болуп, жалынды өчүрдү эле. Эми бул жакшылыгыбызды унуткан тажик тараптын агрессиясынан коргонуп, ортомчуга муктаж болуп олтурабыз. Жарандык согуш учурунда жалпы кыргыз эли тажик тарапка моралдык жана гуманитардык колдоосун аябай жабыла жардам берген.

Президент Э. Рахмон менен бириккен тажик оппозициясынын жетекчиси С.Нуринин ортосунда конструктивдүү мамиле орнотуу үчүн жан үрөгөн кыргыз Президенти Аскар Акаев эки тарапты ийге келтире албай, элдештирүүгө катышкандар кирпиктен тартса жыгылчудай чарчагандыгын айткан жайы бар. Дал ошол 25 жыл мурун Бишкекте өткөн элдештирүүдөн соң, жарандык согуш токтоп тажик мамлекетинде тынчтык орногон. Ал учурду жакшы билгендер ошол кезде Аскар Акаевдин апасы кайтыш болуп, тажик тарап келишмейинче жаназасы токтоп тургандыгын айтып жүрүшөт.

Мына ушундай кыйын кезде Тажикстандын ич ара согушун токтотууга түздөн-түз себеп болуп, бийлигин бекемдеп берген кыргыз тарап менен эми сүйлөшүүгө Э. Рахмон тээжиктенип жаткандыгына жол болсун. Кыргызстан андан ашык жер сураганы жок. Болгону бир мунасага келип, тынчтык жолу менен чек араны тактап гана алалы деген максатта теңелбей келе жатканына канча жыл болду. Президент Садыр Жапаров белгилегендей, Кыргызстан ата-бабаларыбыздан калган жердин бир метрин дагы бербейт. "Башка жерге көз артпайбыз, бирок өзүбүздүкүн дагы бербейбиз. Биз улуттук кызыкчылыгыбызды катуу коргойбуз" - деп таасын белгилеген.

Саясат таануучу Марс САРИЕВ:

- Орусия ортомчу боло алат. Себеби, В.Путин айткан документтер Кыргызстандын позициясын бекемдейт. Ошол үчүн Эмомали Рахмонду байкасаңар, сүйлөгөндө ачууга алдырып, көп нерсени айтып алды. Мурдагы Союз учурундагы карталарды кароо туура. Эгер чындап ошол карталар боюнча чек араны тактоо иш-чаралары жүрсө, анда биз утушка ээ болобуз. Картада бардыгы көрүнүп турса Тажикстан каршы чыга албайт деп ойлойм. 1991-жылдын 21-декабрында кабыл алынган "Алма-Ата" декларациясы жана башка документтер боюнча Кыргызстандын азыркы карманган позициясы туура чыгат. Буюрса баарыбыз күбө болобуз.

Генерал-майор Артур МЕДЕТБЕКОВ:

- Бул суроо бүгүнкү күндүн эң башкы маселеси болуп турат. Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын аныктоо жана тактоо бир нече жылдан бери келе жатат. 1996-жылы комиссия түзүү чечими кабыл алынып, 2000-жылдан бери иш алып барууда. Бирок, 22 жылдан бери комиссия орчундуу иш жасаган жок. Тарыхка кайрылсак, Тажикстан Республикасы 1929-жылы түзүлгөн. Ал эми 1924-жылы Тажик АССРи болуп Өзбекстандын курамында болгон. Худжап облусу Тажикстанга берилип кеткен. Кыргыз-тажик чек арасында 1989-жылы июнь айында жер-суу талашкан окуя болгон. Бирок, чек ара административдик болгондуктан, Москвадан кишилер келип Шурап тараптан 100 гектар жер берип чырды басып коюшкан. Ал жара күчөп 300 км жер боюнча аныктоо жана тактоо иш-чараларын жүргүзө албай келе жатабыз. Тоолуу жерлерди тактоо оңой, ал эми түз, суулуу аймактарда кыйын болуп жатат.

Тажик тараптын мындан эки-үч жыл мурун бизге ортомчунун кереги жок, өзүбүз чечебиз деп расмий түрдө айткан сөзү бар. Өткөн жумада Орусиянын Президенти В.Путин Кыргызстан менен Тажикстандын мамлекет башчыларын тынчтык жолу менен чечип алгыла деп бир столго отургузду. Бирок, эки тараптын бирибирине койгон кинелери өтө олуттуу болгондуктан, бүдөмүк ойлорду жаратты. Тажикстандын президенти бүгүнкү күндө Кыргызстанга караган жерлерди биздики деген таризде катуу айткандыгы белгилүү болду. Мунун артында чоң саясат жатат. Эгерде алар ойлогондой болбой калса, куралдуу кол салуу болот деген ойду ачыктап койду. Орусиянын ортомчу түшөөрү кыйын болуп турат. Анткени, эки тарап тең олуттуу макулдугун бере алган жок. Жардамына макул болушту. СССР убагындагы документтер архивде калган. Аларды алып чыгып, далилдерди бере алса, бир жагына жагып, экинчи жагына жакпай калышы мүмкүн. Экинчи жагынан, Орусия арбитр болуп, канчалык акыйкат боло алаары көптөгөн суроолорду жаратат. Үчүнчүдөн, азыркы ахыбалды карай турган болсок, тынчтык жолу менен чечүүгө аракет кылышыбыз керек. Кандай гана согуш болбосун аягы тынчтык келишими менен бүтөт. Согуштун эки тарапка тең кереги жок.

БИЙЛИКТИН БИР ЧОҢ КАТАСЫ

Кыргыз-тажик чек арасындагы абал курчуган учурда ушул убакытка калтырбай мурда эле чечип койсо болмок деп бармак тиштеп, нааразы болгондорду көп уктум. Коомдук ишмер Токон Мамытов ал учурда реалдуу мүмкүнчүлүктөр болбогонун, өз убагында мурдагы Президент А.Акаев өзү баш болуп ушул маселенин үстүндө көп алектенгендигин айтат. Бирок, ийри олтуруп түз кеңешип, эки тарап бир пикирге эч келише алган эмес.

Негизи эле кыргыз-тажик чек ара маселеси 1924-жылдан тартып чечилбей келе жатканына жүз жылга жакындап калды. Советтер Союзу учурунда да чечилбей чиеленишип келген. Ал кезде республикалар ортосундагы чек аралар мамлекеттик эмес, административдик-чарбалык болгон. Эгемендик алганы ошол чарбалык чек аралар мамлекеттик чек арага өтүп, трансформациялоо иш-чаралары айрым мамлекеттердин ортосунда чоң жаңжалдарга алып келди. Ошол убакта Кыргызстан Тажикстанга чек араны тактоо боюнча маселени байма-бай көтөрүп келген. Бирок, ошол мезгилде коңшу Тажикстанда жарандык согуш болуп жаткандыктан бул маселе артка жылган.

2001-2002-жылдары Кыргызстан менен Тажикстан мамлекеттик чек арасын тактоо иштери башталган. Бул тууралуу Токон Мамытов: "Чынын айтканда биздин комиссиянын курамында катуу принципке турган адистер бар эле. Керек болсо тигил тарапты титиреткен кадрлар болгон. Бирок, бул эч кандай жыйынтык берген жок. Столду муштап, чайын ичпей кеткен учурлар да болгондугун жашырбайм. Учурунда мамлекетибиздин кызыкчылыгы үчүн бир карыш жылдырбай бекем турган кадрларды сыймыктануу менен белгилеп кетсем жарашат. Анан эле акыркы отуз жылдын ичинде "оозубузду ачып жүрдүк" деген сөздөр калпыстык болуп калат. Бирок, биздин бийликтен бир чоң ката кетип жатты. Коңшу мамлекеттин жетекчилери биздин жетекчилерге (президент, өкмөт башчы, спикер) "сүйлөшүүлөр жакшы келе жатты эле, кыргыз комиссиясынын курамындагы бир-эки киши эле жылдырбай жатат" деп акырын шыбырап коёт. Анан эле тоскоол болуп жаткан ушу тура деп, баягы мамлекетибиздин таламын талашып жаткан адамды тизеге чаап сындырып коёт. Принципке бекем турган, билимдүү адистердин бир тобу ушинтип биздин комиссиядан чыгып калчу. Дагы бир себеби, комиссияга кирген кийинки кишилердин тажрыйбасы, көп нерседен маалыматы жок болду. Эл аралык укук боюнча түшүнүгү жок, мурдагы талаш-тартыштардын аки-чүкүсүн билбейт. Маалыматы жок киши тигил тарапты гана угуп олтуруп калат. Ал эми кошуна мамлекеттердин комиссияларынын мүчөлөрүнүн айрымдары гана кызмат орундары жогорулап кеткени гана болбосо, 90 пайызы эч өзгөргөн жок. Булар ар тараптуу адистерден турган бирдиктүү команда болуп Кыргызстан менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келишти", - дейт.

ОРУСИЯНЫН ОРТОМЧУЛУГУ ОҢ НАТЫЙЖА БЕРЕБИ?

Жүз жылдан бери чиеленишип чечилбей келген кыргыз-тажик чек арасында акыркы эки жылда бейкүнөө бир нече адамдар курман болду. Карапайым элде эмне күнөө? Эки эл кыз берип, кыз алышып түбөлүк коңшу болуп жашап келишет. Биздин эл сыяктуу эле алардын эли да кыйналып турат. Ошондуктан, "мен" деген амбицияны четке кагып, бир мунасага келүү кажет. Болбосо качанкыга чейин бей күнөө адамдардын каны агат?

Кыргызстан ар дайым тынчтык жолу менен дипломатиялык сүйлөшүүлөр аркылуу, эл аралык ченемдерди сактоо менен чечүү принципин карманып келе жатат. Бирок, тажик тарап тээжиктигин көрсөтүп, келечеги жок жолду тандаган өңдөнөт. Ошентсе да Орусиянын ортомчу болууга далалат кылып жаткандыгын коомчулук жакшы жышаан катары кабыл алышууда.

В.Путин "Эки тарапта жок документтер Москвада бар. Керек болсо ошол документтерди көтөрүп чыгабыз" деген сөзү чек ара маселесиндеги чырга акыркы чекит коюлса, кыргыз тарап утушка ээ боло турганы далилденгендей болду. Буга Тажикстандын президенти Рахмон жөн жеринен чычалаган жок. Москвадагы архивде жаткан документтер көтөрүлсө, көздөгөн максаты ойрон болуп, дүйнө коомчулугуна осол боло турганын сезип жатат.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

■ Негизги көрсөткүчтөр

ДЫМАКТУУ ПЛАНДАРДЫН ДЕҢГЭЭЛИ КАНДАЙ?

Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги 9 айдын жыйынтыгын чыгарды. Быйылкы жылдын консолидацияланган бюджетин план боюнча 400 миллиард сомго жеткирүү болжолдонсо, алдын ала 9 айдын ресурстарын эсептегенде 299,5 млрд сомго жетти. Өткөн жылга салыштырмалуу өсүш 90,0 млрд сомду түздү. Ошол эле учурда бүгүнкү күндө салыктан түшкөн каражаттардын өсүү темпи 150%дын деңгээлинде сакталып турат. Белгилей кетүүчү нерсе бул ресурстар негизги көрсөткүчтөр болуп саналат.

Быйылкы жылы негизинен каржылардын басымдуу көпчүлүгү реалдуу секторго, өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн күчөтүүгө, азык-түлүк жана энергетикалык коопсуздуктарды камсыз кылууга жана ишкердикти колдоого багытталды. Үстүбүздөгү жылдын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири өлкөдөгү социалдык кызматкерлердин айлык акысын жогорулатуу боюнча Президенттин жарлыктарынын аткарылышы болуп калды. Бул механизм эки жолу 1-апрелден жана 1-августтан баштап толук ишке ашырылып, бүгүнкү күндө айлык акыларды көбөйтүү жана төлөө 100%га аткарылды.

9 ай ичинде республикалык бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 189,9 млрд сомду түздү. Бул 2021-жылга салыштырмалуу бюджеттин жалпы кирешелери 47,%га же 61,0 млрд сомго көбөйгөндүгүн билдирет.

Ал эми мамлекеттик бажы кызматынын кирешеси 52,9 млрд сом, салык кирешеси 92,0 млрд сомду түздү. Бул көрсөткүчтөргө ылайык жалпы кирешенин өнүгүү темпи 9 ай ичинде 155,3 %га өстү.

Ошону менен катар эле мамлекеттик сектордун чыгашалары 7,2 млрд сомго көбөйгөн. Бул эмгек акылардын көбөйүшү жана жергиликтүү бюджеттерге берилген максаттуу трансферттер менен байланыштуу. 2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эмгек акы фондунун чыгашасы 22,4 млрд сомго көбөйгөн. Мындагы негизги өсүш айлык акылардын жогорулашы менен байланыштуу.

Мамлекеттик кызматкерлердин айлык акыларынын көбөйүшү менен катар эле калктын социалдык жактан начар камсыз болгон үй-бүлөлөргө да жөлөкпулдардын өлчөмү көбөйгөн. Алсак, 2022-жылдын январь айында жөлөк пул төлөөгө 13,8 млрд сом каражат каралган болсо, 1-июндан тарта жөлөкпулдар да көбөйүп, ал үчүн кошумча 2,2 млрд сом каралган.

Быйылкы жылдагы дүйнөлүк кризис Кыргызстанды да кыя өткөн жок. Үстүбүздөгү жылы өлкөбүздө азык-түлүктүн баасы ченемсиз өстү. Өткөн жылы азык-түлүккө деп бюджеттен 2,2 млрд сом каралса, дүйнөдөгү болуп жаткан кырдаалга жана өлкөдөгү азык-түлүктүн кымбатташына байланыштуу быйылкы жылкы бюджетке кошумча 8,8 млрд сом бөлүнгөн. Мунун ичинен өлкөбүздүн айыл чарбасын колдоого өткөн жылы 14 млрд сом каралса, быйылкы жылы 22,8 млрд сом бөлүнгөн. Мындан башка жеңилдетилген насыяларга 3,4 млрд сом, айыл чарбасын каржылоого 4,4 млрд сом насыялар берилген.

Ошондой эле быйылкы жылы жолдорду оңдоо, тейлөө жана башка иштерине 18,5 млрд сомдон ашык каражат бөлүнгөн. Анын ичинде капиталдык салымдар өткөн жылга салыштырмалуу 2 эсеге өстү. Же тактап айтканда тогуз айда жол тармагына капиталдык салымдардын суммасы 4,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 2 эсеге өскөн.

2022-жылга карата энергетика тармагына 9,5 млрд сом бөлүнгөн. Бул каражат өткөн жылдарга салыштырмалуу 3,2 млрд сомго көп каралган.

Өлкөбүз боюнча капиталдык салымдарга 3 млрд сом пландаштырылган болсо, азыркы күндө ал 16,1 млрд сомго аткарылды же жылдагыга салыштырмалуу бул сумма 11,9 млрд сомго көп дегенди билдирет.

Орункул САТЫКУЛОВ

Форум жыйынтыктары

ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК

Ош шаарында өткөн Кыргыз-Россия инвестициялык форумдун жыйынтыгында жалпы баасы 500 миллион долларга бааланган долбоорлорду ишке ашыруу үчүн 20дай документке кол коюлду. Кол коюлган документтердин арасында капсула салынып, курулушу башталган долбоорлор да бар.

Кыргыз-Россия биргелешкен өнүктүрүү фондунун ишмердүүлүгүн арттыруу максатында өткөн форумда өзгөчө басым эки өлкөнүн соода-экономикалык, социалдык-гуманитардык тармактарга, фонддун ишмердүүлүгүнө жана анын демөөрчүлүгү менен Кыргызстанда салына турган 9 мектепке жасалган. Учурда аталган фонд бөлгөн каражаттын эсебинен Баткен облусунда медициналык борбор, мектеп жана жаңы газ-бетон заводдун курулушу жүрүп жатат. Андан сырткары форумда Россиянын жогорку окуу жайларында билим ала турган кыргыз студенттеринин квотасын 600 орунга чейин көбөйтүү тууралуу сүйлөшүүлөр болду.

Кыргызстанда эмиграцияга чейинки даярдык борборун ачуу пландалууда. Учурда бул боюнча укук-ченемдик база, уюштуруу маселесин ишке ашыруунун үстүндө сүйлөшүүлүр жүрүп жатат. Россия Федерациясынын экономикалык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча Россияда стратегиялык демилгелер деңгээлинде федералдык долбоорлор иштелип чыгып, эмгек мигранттарын колдоонун жаңы чаралары киргизилүүдө. Анда ыңгайлуу жана туруктуу иштөө шарттарын түзүү каралган. Коңшулаш Өзбекстан мамлекетинде дагы ушундай борбор ачылып, учурда багыттуу иш алып барууда. Мындай борбор кыргызстандыктарга да зарыл экендиги учурдун талабы. Анткени 2018-2022-жылдар аралыгында ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Россияга барган эмгек мигранттарынын ичинен кыргызстандыктар 43,5 пайыздан 56,5 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз-Россия инвестициялык форумунун алкагында европалык фармакологиялык компания менен биргеликте Кыргызстанда дары чыгарган завод ачуу боюнча меморандумга кол коюлду. “Кыргыз индустриясы” ачык акционердик коомунун вице-президенти Жыргалбек Сагынбаевдин маалыматы боюнча инсулин жана эң зарыл болгон дары-дармек атамекендик өндүрүштөн чыгат.

Анын айтымында завод “Бишкек эркин экономикалык аймагынын” карамагындагы аймакка жайгашат. Анын маалыматы боюнча азыркы учурда Кыргызстан керектеген дары-дармектин үч пайызын гана өзү өндүрүп, калган 97 пайызын сырттан алып келет. Эгерде жогорудагы келишим иш жүзүнө ашса, 97 пайыз дары-дармекти өзүбүздөн чыгаруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Аталган завод инсулин чыгарууга басым жасайт. Анткени бул багытта өлкөдө чоң көйгөй бар. Мындан сырткары саламаттык сактоо министрлиги берген эң зарыл дарылардын тизмесинен турган 400дөн ашуун дары-дармек ата мекендик өндүрүштөн чыга баштайт. Дары-дармек чыгаруу заводу ишке кирсе өлкөнүн гана муктаждыгы жоюлбастан аларды экспортко чыгарууга да мүмкүнчүлүк түзүлөт. Долбоордун жалпы баасы 150 миллион долларды түзөт.

Форумдун алкагында Россиянын Самара шаарынын администрациясы менен Ош шаарына автобустарды алып келүү боюнча да сүйлөшүүлөр болду. Ош шаарынын мэри Алмаз Мамбетовдун билдирүүсү боюнча автобустар “Камаз” заводунан алынат. Ушундай эле келишим Кыргыз-Өзбек өнүктүрүү фонду аркылуу түзүлүп, Ош шаарына 50 автобус алынып келген.

Разия ЖООШБАЕВА

АЯЛДАРДЫН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ КЕҢЕЙЕТ

Өткөн жуманын аягында Ош облусунун Ноокат районундагы Борко айылында Өнүгүү борборунун ачылыш аземи болуп өттү.

Өнүгүү борборунун ачылышына президенттин Ош облусундагы өкүлүнүн орун басары Эрнис Толтоев, Ноокат районунун акиминин орун басары Мамажунус Абилов, Кореянын Кыргызстандагы элчиси Ли Вон Чже, KOICAнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн директору Ли Джонгсу, Good Neighbors уюмунун өлкө боюнча директору Чун Хонгсу, аталган уюмдун жана ЖӨБ орган кызматкерлери, жергиликтүү жашоочулар катышты.

Эрнис Толтоев KOICA жана Good Neighbors уюмдарына Ош облусунда айыл чарба жана билим берүү тармагын өнүктүрүүдөгү эмгеги үчүн ыраазычылык билдирди.

Ал эми элчи Ли Вон Чже айыл жеринде айыл чарба жана мал чарбасы аркылуу жергиликтүү элдин кирешелерин жогорулатууга багытталган долбоорлорду аягына чыгарууну баса белгиледи.

Белгилей кетсек, жалпысынан Ош жана Баткен облустарынын 30 айылына курулуп жаткан Өнүгүү борбору көп максаттуу болуп саналат. Айыл жергесиндеги калктын, өзгөчө аялдардын социалдык-экономикалык ишмердүүлүгүн кеңейтүү жана колдоо аркылуу алардын мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө. Тактап айтканда, борбор негизинен кыска мөөнөттүү балдар бакчасынан жана ар кандай билим алуу үчүн конференц-залдан турат. Ошондой эле долбоор боюнча бакча программасы да уюштурулат.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

КАРЕГИМДЕ БАТКЕН

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча 17-октябрга карата Тажикстан тараптан жасалган агрессияга байланыштуу андагы айылдардан чыгарылып кеткен 136 770 мекендештерибиздин 132 миңи өз жерине кайтып барышты.

Ошондой эле убактылуу жашоочу жайларга 292 жаран жайгаштырылды. Анын ичинен 11 адам Ош шаарында, дагы 11 адам Жалал-Абад, 15и Ысык-Көл, 71и Чүй, 164ү Баткен облусунда. Ал эми дагы 4497си жарандардын үйүндө убактылуу жашап жатышат.

Баткендеги кандуу кагылышта үйлөрүнөн ажырагандар үчүн айыл өкмөтүнүн өтүнүчү боюнча 51 жылууланып жасалган мобилдик турак жай, 40 кийиз үй жана 26 боз үй тигилген.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Аймактарда

8 ҮЙ-БҮЛӨ АК ӨРГӨЛҮҮ БОЛДУ

Сузак районунун Кара-Дарья айыл аймагынын Чаңгыр-Таш айылындагы 8 үй-бүлө турак жайлуу болду.

Аталган айылдын бир катар тургундары бир жылдан бери вагондо жашап келген. Үй салууга чамасы жетпегендерге жер тилкеси менен кошо үч бөлмөлүү турак жайга мамлекет тарабынан 5 млн 600 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Мындан сырткары, облустагы мекеме-ишканалардын кызматкерлеринин бир күндүк эмгек акылары которулган. Жалпысынан сегиз үйдү курууга 12 млн сом акча каражаты жумшалган. Белгилей кетсек, былтыр бул үй-бүлөлөрдүн турак үйлөрүн сел алып, жашоого таптакыр жараксыз абалда калган.

Үйлөрдүн ачкычын тапшыруу аземине Президенттин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абсаттар Сыргабаев, Жогорку Кеңештин депутаты Жеңиш Токторбаев, Сузак районунун акими Баратбек Сыдыкназаров жана жергиликтүү тургундар катышты.

А.Сыргабаев мамлекет тарабынан жардамга муктаж үй-бүлөлөр ар дайым унутта калбасын белгилеп, айыл тургундарына түзүлүп жаткан шарттар тууралуу маалымат берди.

ДАЙЫНСЫЗ ЖОГОЛГОНДОР ТАБЫЛДЫ

Ысык-Көлдө дайынсыз болуп жаткан Россиянын жарандары аман-эсен табылды.

15-октябрда Чолпон-Ата шаарынын күн батыш тарабында жайгашкан Арал капчыгайына эс алууга чыккан Россиянын 2 жараны менен байланыш үзүлүп, дайынсыз жоголгондугу тууралуу маалымат түшкөн. ӨКМдин куткаруучулары алар менен байланышка чыгып, куткаруучулар менен биргеликте тоодон аман-эсен түшүп келишти.

БАТКЕН ОКУЯЛАРЫНЫН 23 ЖЫЛДЫГЫ

Ат-башы районунда Баткен окуяларынын 23 жылдыгы белгиленди. Иш-чара А.Керимбаев атындагы орто мектепте өтүп, ага 1999-жылдагы Баткен окуясынын катышуучулары, райондук комиссариаттын жана билим берүү бөлүмүнүн өкүлдөрү, окуучулар катышты.

Анда көркөм чыгармалар аткарылып, Баткен боюнча кыскача оюн тартууланды.

“Баткен биздин жүрөгүбүздөн түнөк тапты. 2021–2022-жылдагы кагылышта 2 азаматыбыз өз өмүрүн берди. Алар биздин эсибизде Мекенди коргогон эр жүрөк баатырлар катары калды”, - деди райондук аскер комиссариатынын комиссары Жеңиш Жакеев.

АК-БУЛУҢ АЙЫЛЫНДАГЫ БАЛБАЛ ТАШ

Түп районуна караштуу Ак-Булуң айылындагы айдоо жерден тарыхый эстелик табылды. Ак-Булуң айылынын 60 жаштагы тургуну Эркин Турбаевдин айтымында, тарыхый эстелик 15-октябрда кечке маал жер айдатуу убагында табылган. Анын узундугу 2.70 см келип, адамдын элеси чегилген. Бул эстеликтин кайсы доорго таандык экендиги эми археологдор тарабынан изилденмекчи.

“Эркин-Тоо” пресс

Кабарлар

ЖОЖго КАБЫЛ АЛУУНУН ЭКИНЧИ ЭТАБЫ БАШТАЛАТ

Жогорку окуу жайларга тапшыруу үчүн абитуриенттерге кышкы жалпы республикалык тестирлөө 24-30-ноябрь күндөрү өтөт. Бул тууралуу Билим берүү жана илим министрлиги билдирди. Тестирлөөгө жашаган жери боюнча каттоо 17-октябрдан 27-октябрга чейин райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүндө онлайн режимде жүргүзүлөт. Эске салсак, Кыргызстанда бул жылы ЖОЖдорго кабыл алуу эки этап менен жүргүзүлүүдө.

ТЕРРАКТ ЖАСАЙМ ДЕГЕН ТЕНТЕК ОКУУЧУ

14-октябрь күнү эртең менен Бишкек шаарынын мектептеринин бири тинтүүгө алынып, имаратты кинологдор текшерип чыгышкан. Мындай текшерүүгө бир окуучунун социалдык баракчасына теракт жасай турганы боюнча билдирүү калтырганы себеп болгон. Мектеп тинтүүгө алынып, эч нерсе табылган эмес. Ал эми билдирүү жазган 7-класстын окуучусу кармалган. Ал көрсөтмө бергенде билдирүүнү коомчулуктун көңүлүн бурдуруп, катталуучуларынын санын көбөйтүү максатында жазгандыгын айткан.

АЙЫЛ ЧАРБА МИНИСТРЛИГИНЕ 95 ЖЫЛ

Быйыл Айыл чарба министрлигинин түзүлгөнүнө 95 жыл болот. Бул маараке карата 20-21-22-октябрь күндөрү Бишкек шаарында республикалык «Агротехэкспо–2022» көргөзмөсү өтөт. Көргөзмө Бишкек шаарындагы Т.Усубалиев атындагы аянтта өтүп, «Алтын күз» жарманкеси уюштурулат. Иш-чарада чет өлкөлөрдүн техникасы, асыл тукум мал, айыл чарба техникалары көрсөтүлөт. Каалоочулар аларды сатып алса болот.

ТОО КОЙНУ ШАҢГА БӨЛӨНДҮ

Өткөн жума күнү «Каракол» капчыгайындагы «Карчы» коктусунда токой-чарба тармагынын, мамлекеттик жана муниципалдык ишкана, мекеме, уюмдардын кызматкерлеринин, облус борборунун демилгелүү айрым тургундарынын катышуусунда «Жашыл мурас» Улуттук өнөктүгүнүн алкагында ишембилик өттү.

Ишембиликке Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Динара Кутманова катышып, Мамлекет башчысы тарабынан кабыл алынган «2022-жылды «Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы» деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында республиканын бардык дубандарында ишембиликтер өткөрүлүп жаткандыгын айтты. Үстүбүздөгү жылы Кыргызстан боюнча 6 млн түп көчөт олтургузуу болжолдонуп, азыркы күндө иш аяктап баратандыгын белгиледи.

Айта кетүүчү маселе – климаттын туруктуулугун жогорулатуу, жаратылыш мурастарын сактоо жана тоолорду туруктуу өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын демилгеси боюнча 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 76-сессиясынын катышуучулары 2022-жылды «Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн Эл аралык жылы» деп жарыялоо жөнүндө Резолюцияны бир добуштан колдогон.

«Каракол» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы бул күнкү ишембиликте аталган парктын көчөтканаларында талаптагыдай багып өстүрүлгөн 5 000 түп, узундугу 1,5 метр келген «Тянь-Шань» карагай көчөттөрү 12 гектар аянтка олтургузулду.

Көчөттөр токойчулардын тыкыр көзөмөлүндө болот”,- деди Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл – Нарын аймактар боюнча башкармасынын жетекчиси Руслан Термеев.

“Көчөттөрдү кар түшкүчө бир жолу сугарабыз. Бул коктунун «Карчы» деген аталышы эле айтып тургандай кар калың түшөт. Демек, келерки жылдын жаз-жай айларында көчөттөрдүн ойдогудай өсүп-жетилишине ным жетиштүү болот”, -деди «Каракол» мамлекеттик жаратылыш паркынын башкы токойчусу Жолдош Шералиев. Ал акыркы жылдары токойлорду мыйзамсыз кыюу фактылары азайып баратандыгын, бул иште облустук ички иштер башкармалыгында иштеп жаткан экологиялык милициянын да салымы салмактуу экендигин белгиледи.

Ошентип, бул күнкү ишембилик тоо койнун шаңга бөлөп, болочокто токой чарбасын, экотуризмди өнүктүрүү жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу иштерине ишенимдүү негиз түздү.

Эгемберди САДАБАЕВ

СУУ СЫЙЛАГАН ЗОР БОЛООР...

Кыргызстан жана Россия президенттери Астанада өткөн саммитке өздөрү суу ала барышкан. Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары боюнча кеңешмеге катышкан өлкөлөрдүн дээрлик бардык лидерлерине TURAN суусу берилген. Бирок Россия президентинин столунда Франциядa өндүрүлгөн Evian суусу турса, Президент Садыр Жапаровдун столунун үстүндө Кыргызстанда өндүрүлгөн “Тянь-Шань Легендасы” суусун көрүүгө болот.

ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ МОБИЛИЗАЦИЯ АЯКТАДЫ

Президент Владимир Путин жарыялаган жарым-жартылай мобилизация аяктады. Аны менен катар жарандардын жашаган жерлерине жөнөтүлгөн чакыруу кагаздары күчүн жоготту. Бул тууралуу Москва шаарынын мэри Сергей Собянин билдирди.

Россияда Президентинин жарлыгы менен 21-сентябрдан баштап жарым-жартылай мобилизация жарыяланган. Өлкөнүн коргоо министри Сергей Шойгунун берген маалыматы боюнча чакырылгандар атайын даярдыктан өтүп, андан кийин Украинадагы бошотулган аймактарды көзөмөлдөөгө барышат. Мобилизациялоо учурунда жалпысынан 300 миң резервист чакырылган. Бул жалпы өлкөнүн мобилизациялык ресурсунун бир пайыздан ашыгын түзөт.

ШАХТАДА ЖАРЫЛУУ БОЛДУ

Түркиянын түндүгүндөгү Бартын аймагында жайгашкан шахтада жарылуу болду. 300 метр тереңдикте жайгашкан шахтада жарылуу учурунда 110 жумушчу иштеп жаткан. Жумушчулардын айрымдарын эвакуациялоого үлгүрүшкөн. Өлкөнүн Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 40 адам каза болгон.

АУКЦИОНГО КОЮЛГАН ТОП

Аргентиналык легендарлуу футболчу Диего Марадона 1986-жылы Дүйнө чемпиондугунун чейрек финалында англиялыктардын дарбазасына колу менен гол киргизген топ аукционго коюлду. Аукцион Улуу Британияда өтөт. Топ тунистик мурдагы калыс Али бин Насерге таандык.

ЖАҢЫ ПРЕЗИДЕНТ ШАЙЛАНДЫ

Ирактын өкүлдөр палатасы Абдель Латиф Рашидди президент кылып шайлады. Ага 269 өкүлдүн 162си добуш берген. Анын атаандашы, учурдагы президент Бархам Салех 99 добуш алган.

Абдель Латиф Рашид учурда 78 жашта. Кесиби боюнча инженер. 2003-2010-жылдары Ирактын суу ресурстары боюнча министри кызматын аркалаган. Ал президенттик ишине киришип ант бергенден кийин дароо жаңы премьер-министр дайындады.

КУДАЙ САКТАСА ЭКЕН

Индияда өндүрүлгөн жөтөлгө каршы сироптон 69 бала каза болду. Сироп чыгарган “Maiden Pharma” заводу продукцияларын өлкө ичинде жана Азия, Африка, Латын Америка өлкөлөрүнө экспорттойт. Аталган дары-дармек чыгаруучу завод бир айда 4 жолу текшерилип, натыйжада 12 мыйзам бузуу аныкталган. Өткөн аптада Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму аталган компания өндүргөн жөтөлгө каршы сиробу Гамбия өлкөсүндө балдардын өлүмүнө алып келгендигин жарыялады. Сироптун лабороториялык анализи бөйрөккө оор зыян келтирүүчү, өмүргө кооптуу болгон заттар бар экендигин аныкташкан.

Разия ЖООШБАЕВА

2021-ЖЫЛДЫН 4-МАРТЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШКАН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ӨКМӨТТӨРҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ 1992-ЖЫЛДЫН 13-МАРТЫНДАГЫ САЛЫК САЯСАТЫНЫН МАКУЛДАШЫЛГАН ПРИНЦИПТЕРИ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУН КОЛДОНУЛУШУН ТОКТОТУУ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ ЖАНА 1992-ЖЫЛДЫН 15-МАЙЫНДАГЫ КИРЕШЕГЕ ЖАНА МҮЛККӨ КОШ САЛЫК САЛУУНУ БОЛТУРБОО БОЮНЧА МАМИЛЕЛЕРДИ БИРДЕЙЛЕШТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖАНА МАКУЛДАШУУЛАРДЫ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУН КОЛДОНУЛУШУН ТОКТОТУУ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18, 39-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. 2021-жылдын 4-мартында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы 1992-жылдын 13-мартындагы Салык саясатынын макулдашылган принциптери жөнүндө макулдашуунун колдонулушун токтотуу тууралуу протокол жана 1992-жылдын 15-майындагы Кирешеге жана мүлккө кош салык салууну болтурбоо боюнча мамилелерди бирдейлештирүү жөнүндө жана макулдашууларды түзүү жөнүндө протоколдун колдонулушун токтотуу тууралуу протокол бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн протоколдордун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине кабарласын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №548

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА ӨЗГӨЧӨ РЕЖИМДИ АНЫКТООДО ЧЕКТЕЛГЕН МЕТОДДУ КОЛДОНУУ МЕНЕН ТОВАРЛАРДЫ ЖЕ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ КОНКРЕТТҮҮ САТЫП АЛУУЛАРДЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун ишке ашыруу максатында, "Баткен облусунун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында өзгөчө режимди аныктоодо чектелген методду колдонуу менен товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү конкреттүү сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №549

МИКРОКОРУКТАРДЫ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРЫН ТҮЗҮҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23^1-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Микрокоруктарды жана жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү жана алардын иштөө тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги бир айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин бул токтомго ылайык келтирсин.

3. Министрликтер, ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) бул токтомду аткарууга алсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №554

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БААЛОО ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Баалоо иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Баалоо ишин өнүктүрүү боюнча кеңеш жөнүндө жобо бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасында баалоо ишин мамлекеттик жөнгө салууну жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу орган болуп Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-февралындагы №39 «Кыргыз Республикасында баалоочулардын жана баалоо уюмдарынын ишин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №555

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИКТИН АЛДЫНДАГЫ «МАМЛЕКЕТТИК-ЖЕКЕ ӨНӨКТӨШТҮК БОРБОРУ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №115 «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маселелери жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору» мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-сентябрындагы №616 «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу органдарды аныктоо жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүү киргизилсин:

- 1-пунктундагы түрдүү жөндөмөлөрдөгү «Экономика жана коммерция министрлиги» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №147 «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фонду жөнүндө жободо:

-11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «11. Фонддун Байкоочу кеңешинин курамына кызмат орду боюнча төмөнкүлөр кирет:

- бирдиктүү мамлекеттик инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси, Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы;

- экономикалык саясат боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басары;

- бюджеттик саясат боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басары.»;

- 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«18. Фонддун Байкоочу кеңешинин ишин методикалык, уюштуруучулук жана башка камсыздоону МЖӨ долбоорлорун координациялоо боюнча орган ишке ашырат.

Мамлекеттик өнөктөш тарабынан МЖӨ долбоорун ишке ашыруу планы аткарылбаса же аткаруу артыкчылыгы төмөндөтүлсө, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун координациялоо боюнча орган Байкоочу кеңештин кароосуна консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга бөлүнгөн акча каражаттарды кайтарып алуу маселесин киргизүүгө укуктуу.».

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы №333 «Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору» мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору» мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө»;

2) 1, 5-пункттарындагы «Экономика министрлигинин» деген сөздөр «Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 «Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүү киргизилсин:

- 1-пунктунун 13-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-мартындагы №160 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик-жеке өнөктөштүк маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фондунун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоо тартиби жөнүндө жободо:

- 5-8, 14-пункттарындагы түрдүү жөндөмөлөрдөгү «МЖӨ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «МЖӨ долбоорлорун координациялоо боюнча орган» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун мамлекеттик реестринде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө жободо:

- 2-пунктундагы «МЖӨ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөр «МЖӨ долбоорлорун координациялоо боюнча орган» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги бир айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №556

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 5-МАРТЫНДАГЫ №78 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик башкаруу системасын өркүндөтүү, юстиция органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №78 "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жөнүндө жободо:

- 7-пунктунун 3-пунктчасы "координациялоону камсыз кылуу" деген сөздөрдөн кийин ", анын ичинде эл аралык гранттык жана техникалык жардамдын эсебинен жүзөгө ашырылуучу" деген сөздөр менен толукталсын;

- 8-пунктунда:

3-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи абзац менен толукталсын:

"- мамлекеттик органдардын жана уюмдардын юридикалык кызматтарынын ишин координациялайт жана методикалык көмөк көрсөтөт;";

6-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы он үчүнчү жана он төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

"- юридикалык кадрларды даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштурат;

- юриспруденция жаатындагы фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүүнү камсыз кылат;".

2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги:

- өзүнүн чечимдерин бул токтомго ылайык келтирсин;

- бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №559

Коррупция жыттанганда

КАЛЧАЕВГЕ ЭЧ КИМДИН КҮЧҮ ЖЕТПЕЙБИ?

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору К.Т.ЗУЛУШЕВге

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У.ЖАПАРОВго

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри У.Э.МАМБЕТАКУНОВго

Антикоррупциялык элдик көзөмөл (АКЭК) коомдук бирикмесинин Жалал-Абад области боюнча координатору, укук коргоочу ОРОЗОВ Анарбай Алиевичтен, дарегим: Жалал-Абад шаары, Мамыр Баатыр көчөсү, үй №38

АРЫЗ

Сиздерге кайрадан арыз менен кайрылуумдун себеби төмөндөгүдөй: Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы **(мындан ары – ШБББнун башчысы) Калчаев Ырысбек Омурзаковичтин** мыйзамсыз аракеттери, коррупциялык схемалары тууралуу Башкы прокурорго, Жалал-Абад областынын прокуроруна, УКМКнын Жалал-Абад областтык башкармалыгына, Билим берүү жана илим министрине, акыры айлам кеткенде Жогорку Кеңештин төрагасына, Президенттин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө жазган бир нече даттануумдан майнап чыкпады (арыздар тиркелет).

Мен арызда Жалал-Абад ШБББнун башчысы Ы.Калчаевдин мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмунун (мындан ары – МЧББУ) директорлорун мыйзамсыз, т.а. тиешелүү жогорку билими жана жетиштүү иш стажы жок дайындап жаткандыгы, шаардагы мектеп жана бала бакчаларды кышкы сезонго даярдоодо тендер аркылуу сатылып алынган көмүрлөр боюнча коррупциялык аракеттери жана башка 5 пункттан турган кылмыштуу жагдайлар тууралуу көрсөткөм.

Бирок, бардык даттануулар айланып-келип эле Жалал-Абад шаардык прокуратурасына келип түшүп "кылмыштын курамы аныкталбай" калып келе жатат. Шаар прокурору М.Бектургановдун 02.02.2022-жылдагы №22/132-00-07-11/1-22-00150 сандуу билдирүүсүндө:

- *"Сиздин арызыңызда көрсөтүлгөн дооматтар боюнча толук кандуу жана объективдүү текшерүү жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Ы.Калчаевдин жана башка жоопту кызматкерлердин аракеттеринде кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, 2022-жылдын 2-февралында Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-бол. 2-п., жана 154-бер. негизинде аларга карата кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.*

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" Мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрдагы №541-токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүү уюму жөнүндө" типтүү жобонун талаптары бузулгандыгы аныкталып, Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн жана ага караштуу жалпы билим берүү мектептеринин, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жоопту кызматкерлерине карата тийиштүү тартиптик чара көрүү үчүн Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысына прокурордук чара катары 2022-жылдын 2-февралында "сунуштама" келтирилди" деп көрсөтүлөт.

Ал эми прокуратуранын ШБББнун башчысы Ы.Калчаевге берген 02.02.2022-жылдагы №11/1-100-22 сандуу сунуштамасында мен арызда көрсөткөн дооматтар толугу менен аныкталгандыгын төмөндөгү фактылар далилдеп турат.

Биринчиден:

"№4-балдар-өспүрүмдөр мектебинин директору Т.Халмурзаев К.Ш.Токтоматов атындагы Эл аралык университетинин мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын 2019-жылдын 29-мартындагы чечими менен "экономика" багытынын бакалавр боюнча УБ190037083 сандуу дипломуна ээ болгон.

Сиздин** 2021-жылдын 7-декабрындагы №52 сандуу **буйругуңуз менен** №4-балдар-өспүрүмдөр **мектебинин директору болуп дайындалган.

Мындан тышкары, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору А.П.Алибаевдин 2021-жылдын 27-декабрында жиберген 01-4876 сандуу жолдомо катында Халмурзаев Талантбек Шарабидинович 2021-жылы 3-курстан 4-курска көчүрүлгөнү",- сунуштамада белгиленип турат.

Мыйзам талаптарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун директордук кызматына жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы бар адам дайындалат. КРнын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык Жалал-Абад шаарындагы мектептердин, МЧББУнун директорлорун ШБББнун башчысы дайындайт. Ошондуктан прокуратура **"Сиздин буйругуңуз менен"** деп Ы.Калчаевди атап, Т.Халмурзаевдин мектеп директору болуп мыйзамсыз дайындалгандыгын аныктап жатат!

Экинчиден, сунуштамада мектепке чейинки билим берүү уюмунун **(МЧББУ)** төмөндөгү директорлору мыйзамсыз дайындалып иштеп жаткандыгы көрсөтүлгөн:

1) *№5 "Чолпон" МЧББУнун директору А.Анарбаева Жалал-Абад ШБББу тарабынан 28.08.2019-жылдагы №38/1 сандуу буйругу менен дайындалган (2003-жылы ЖАМУнун "экономика" багыты боюнча бакалавр жана 2018-жылы ЖАМУнун "педагогика" багыты боюнча бакалавр дипломдору ыйгарылган);*
2) *№9 "Балакай" МЧББУнун директору А.Абдалимова Жалал-Абад ШБББу тарабынан 28.08.2019-жылдагы №38/4 сандуу буйругу менен дайындалган (1997-жылы ЖАМУнун "башталгыч класстын мугалими" адистиги жана 2007-жылы ЖАМУнун "кыргыз тили жана адабияты" адистиги боюнча дипломдору ыйгарылган);*
3) *№17 "Каакым" МЧБББнун директору Д.Токбаева Жалал-Абад ШБББнун башчысы Ы.Калчаевдин 24.11.2015-жылдагы №61-буйругу менен орун жылыштыруу максатында дайындалган (1997-жылы ЖАМУнун "башталгыч класстын мугалими" адистиги жана 2007-жылы ЖАМУнун "кыргыз тили жана адабияты" адистиги боюнча дипломдору ыйгарылган);*
4) *№12 "Жылмаюу" МЧББУнун директору Н.Касымова Жалал-Абад ШБББу тарабынан 25.01.2021-жылдагы №30 сандуу буйругу менен дайындалган (2006-жылы ЖАМУнун "Чет тили жана адабияты" адистиги боюнча диплому ыйгарылган);*

Жогорудагы фактылар Жалал-Абад ШБББнун башчысы Ы.Калчаев тарабынан МЧББУнун жетекчилерине жана кызматкерлерине коюлуучу:
-педагогикалык билиминин милдеттүү түрдө болушу (МЧББ чөйрөсүндөгү артыкчылык), педагогикалык кызматкерлерди МЧББ адистиги боюнча милдеттүү түрдө кайра даярдоо, МЧББнун теориясын, методикасын жана балдар менен иштөөнүн заманбап технологияларын билүү ж.б. тиешелүү талаптар одоно бузулгандыгын далилдеп турат.

Баса белгилей кетүүчү жагдай, Ы.Калчаев Жалал-Абад ШБББнун башчысы кызмат ордуна 03.07.2014-жылы дайындалган. Т.а. 8 жылдан ашык убакыттан бери бир орунда иштейт жана сунуштамада соз болуп жаткан мыйзамсыз фактыларды жетекчилик кызматта иштеп туруп жасаган.

Үчүнчүдөн, Жалал-Абад ШБББнө караштуу мектептерге, МЧББУна 2021-2022-жылдары жаны окуу жылына кышка карата көмүр менен камсыз кылуу максатында 380 тонна "ДОМ" үлгүсүндөгү көмүр жана 1013,6 тонна "ДСШ" үлгүсүндөгү көмүр тендердик жол менен сатылып алынган. Анын ичинен "ДОМ" үлгүсүндөгү көмүр:

1) №11 жалпы орто мектебине - 55 тонна; 2) №12 жалпы орто мектебине -10 тонна; 3) №16 жалпы орто мектебине - 85 тонна; 4) №18 орто мектебине - 60 тонна; 5) №22 орто мектебине - 15 тонна; 6) №12 "Жылмаюу" МЧББУна - 50 тонна; 7) №26 "Балапан" МЧББУна - 20 тонна; 8) №11 "Байчечекей" МЧББУна - 45 тонна; 9) №9 "Балакай" МЧББУна - 45 тонна; 10) №6 "Ак-Кайың" МЧББУна - 10 тонна; 11) №2 "Ак-Бермет" үй-бүлө тибиндеги балдар үйүнө - 45 тонна түшүрүлгөн.

Ал эми "ДСШ" үлгүсүндөгү көмүр:

1) №2 "Достук" МЧББУна - 84,4 тонна; 2) №3 "Алтын-Бешик" МЧББУна - 84,4 тонна; 3) №31 "Наристе" МЧББУна - 93 тонна; 4) №36 "Чабалекей" МЧББУна - 93 тонна; 5) №4 орто мектебине - 114 тонна; 6) №6 орто мектебине - 100 тонна; 7) №9 орто мектебине - 149 тонна; 8) №10 орто мектебине - 107 тонна; 9) №14 орто мектебине - 114 тонна; 10) №17 орто мектебине - 74 тонна түшүрүлгөн.

Сунуштамада аталган мектептердин жана МЧББУнун директорлору түшүрүлгөн көмүрлөр боюнча Э.Айтиев аттуу жеке ишкер алып келген накладнойдон башка эч бир документтерди көрсөтө алышпагандыгы көрсөтүлгөн. Тактап айтканда, жеке ишкер Э.Айтиев алып келген көмүрлөр таразага тартылып алынгандыгын тастыктаган документтер жок. Демек, тендерден сатылып алынган 1393,6 тонна көмүрдүн канча тоннасы келип түшкөндүгүн Жараткан Алла менен Ырысбек Калчаев гана билет! Бул факты боюнча ШБББ башчысы катары Ы.Калчаевге кылмыш иши козголууга тийиш болгон. А эмне учун прокуратура тескерисинче директорлорго кызматтык чара көрүү боюнча Ы.Калчаевге сунуш берип жаткандыгы түшүнүксүз? Ал эми сунуштаманын негизинде Ы.Калчаев кимге кандай чара колдонду? Бул да табышмак!

Прокуратура тарабынан аныкталган фактылар Калчаевдин узак мөөнөттөн бери системалуу түрдө жасап келе жаткан коррупциялык схемасы деп эсептейм. Ал 8 жылдан бери жетекчилик бир орунда отуруп, директордук орундарды каалаганындай мыйзамсыз калчап, тендер жолу менен мамлекеттик акчага сатылып алынган көмүрлөрдү атайылап көзөмөлсүз калтырып, мамлекетке өзгөчө ири суммадагы зыяндарды келтирген.

Жогорудагы фактылардын негизинде Сиздерден **СУРАНАМ:**

1) Жалал-Абад шаардык прокуратурасынын 2022-жылдын 2-февралдагы Жалал-Абад ШБББнун башчысы Калчаев Ырысбекке карата кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтомун жокко чыгарууну;
2) Арызда келтирилген фактылар боюнча Ы.Калчаевге карата кылмыш ишин козгоп, ишти териштирүүнү Жалал-Абад областтык прокуратурасына милдеттендирүүнү;
3) Жалал-Абад ШБББнун башчысы Калчаев Ырысбектин мыйзамсыз аракеттеринин натыйжасында келтирилген акча каражаттарын мамлекет эсебине кайтарууну;
3) Жалал-Абад шаардык прокуратурасынын тиешелүү кызматкерлерине кызматтык иликтөө жүргүзүп, мыйзамдык чара колдонууну.

Кабарлар

БИШКЕКТЕ ОЛИМПИАДАЛЫК СКАЛОДРОМ КУРУЛАТ

Бишкекте аскага чыгуу боюнча олимпиадалык ири скалодром курулуп, спортчулар машыга башташат. Бул тууралуу Альпинизм жана аскага чыгуу федерациясынын президенти Эдуард Кубатов билдирди. Анын айтымында скалодром Борбор Азиядагы эң ири аянтча болмокчу. Мындан тышкары Бишкекте, Караколдо жана башка шаарларда альпинизм секциялары ачылып, балдарды кабыл ала баштайт.

"ЖАШЫЛ МУРАС": КҮЗҮНДӨ БАК ОТУРГУЗУУ

Республикада ушул күндөрү күзгү көчөт отургузуу акциясы жүрүп жатат. Буга чейин Президент Садыр Жапаров "Жашыл мурас" акциясын демилгелеп, анын алкагында өлкө боюнча 6 миллион түп көчөт отургузуу пландалган. Жазында 4 миллион 600 миң көчөт тигилген. Эми күзгү көчөт отургузуу акциясы Нарындан башталды. Акция Баткен облусуна көчөт отургузуу менен аяктамакчы. Анда жалпы 1 миллион 500 миндей көчөт тигилет. Акцияга катышкан Айыл чарба министри Аскарбек Жаныбеков өлкө аймагында токой баскан аянттарды көбөйтүү максаты, мөңгүлөрдүн кескин түрдө азайышына каршы күрөш экенин белгиледи.

БАА КӨЗӨМӨЛДӨ

Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын кызматкерлери Чүй облусунун аймагындагы отун базаларында жана көмүр сатуу пункттарында текшерип, көмүрдүн бир тонаасын 5400 сомдон сатып жаткан сатуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ведомствонун мындай аракетинен кийин баалар 4200 сомго чейин арзандатылды. Ведомствонун кызматкерлери таразалардын так болушун да текшеришкен.

НОЯБРЬ АЙЫНЫН МААНАЙЫ

Ноябрь айында абанын орточо температурасы нормадан бир градус төмөн болуп, жаанчачындын айлык көлөмү нормага жакын болушу ыктымал. Ай ичинде абанын температурасы түнкүсүн +2...+7 градус, күндүз +13...+18 градуска чейин жылыйт. Кээ бир күндөрү абанын температурасы түнкүсүн 0...-5 градуска чейин төмөндөшү мүмкүн. Ал эми тоолуу райондордо айрым күндөрү түнкүсүн -18 градуска чейин суук болот. Жаанчачындын айлык көлөмү норманын чегинде болот. Бул тууралуу Кыргызгидромет агенттиги билдирди.

ДОСТУКТУ ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫКТЫ ЧЫҢДАГАН ШЕРИКТЕШТИК

Президент Садыр Жапаров 14-октябрда Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө-мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин кезектеги жыйынына катышуу үчүн Астана шаарына барды.

Иш-чарага катышуу үчүн келген КМШ мамлекеттеринин башчыларын Конгресс борбордо Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев тосуп алды.

Президент Садыр Жапаров Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө Мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин тар курамдагы кезектеги жыйынында үстүбүздөгү жылы Казакстан Республикасы КМШга ийгиликтүү жана жемиштүү төрагалык кылганын белгиледи. КМШ отуз жыл мурун олуттуу геосаясий өзгөрүүлөр мезгилинде түзүлгөн. Ошол убактарда түзүлгөн келишимдерде жана декларацияларда белгиленген максаттар жана принциптер учурда мурда болуп көрбөгөндөй актуалдуу болуп саналат. Канча жылдан бери келе жаткан Шериктештиктин негизги жана бекем принциби катышуучу мамлекеттердин ортосундагы достукту жана кызматташтыкты чыңдап келе жатат.

Андан сырткары Мамлекет башчысы бири-биринин территориалдык бүтүндүгүн урматтоо жана азыркы чек аралардын кол тийбестиги сыяктуу маанилүү принципти баса белгиледи. Бул бүгүнкү мамилелердин негизги пайдубалы болгон эң маанилүү келишимдердин бири. Ал кыргыз тарап талаштуу маселелерди тынчтык жолу жана саясий-дипломатиялык ыкмалар менен гана чечүү зарылчылыгы боюнча өзгөрүүсүз позицияны карманарын дагы бир жолу белгиледи.

Мындан сырткары климаттын өзгөрүшү, жаратылышты коргоо жана экология көйгөйлөрү коопсуздук жана туруктуу өнүгүү маселелери менен түздөн-түз байланышта болгон артыкчылыктуу милдеттер экенин айтты.

Жыйындын соңунда соода-экономикалык, маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө, ошондой эле коопсуздук жаатында интеграциялык байланыштарды мындан ары да өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө багытталган бир катар документтерге кол коюлду.

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Мамлекет башчыларынын кеңешинин тар курамдагы жыйынында 2023-жылы Уюмга төрагалык кылуу маселеси каралды.

Делегациялардын башчылары төрагалыкты Кыргыз Республикасына, ал эми тең төрагалыкты Россия Федерациясына жана Казакстан Республикасына өткөрүп берүү чечимине келишти. Кыргыз Республикасынын сунушу менен КМШ МБК кезектеги жыйынын 2023-жылдын 13-октябрында Бишкек шаарында өткөрүү чечими кабыл алынды.

КЫШКА КАМЫЛГА

Кечээ Президент Садыр Жапаров Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун жана тиешелүү тармактардын жетекчилеринин катышуусунда өлкөнүн 2022-2023-жылдардагы күзгү-кышкы жылытуу мезгилине даярдыгы, анын ичинде калкка жана мекемелерге көмүр жеткирүү жана аларды көмүр менен камсыздоо маселеси боюнча жумушчу кеңеше өткөрдү.

Мамлекет башчысы калктын жана экономиканын тармактарынын энергоресурстарга болгон муктаждыктарын өз убагында канааттандыруу зарылдыгын белгилеп, көмүрдүн баасынын ашыкча өсүшүнө жол бербөө боюнча чараларды көрүүнү, көмүрдү темир жол транспорту менен ташуу үчүн жеңилдетилген тарифти колдонууну тапшырды.

ЭРИШ-АРКАК МАМИЛЕ ЭЧ КИМДИ КАЙДЫГЕР КАЛТЫРБАЙТ

КЫРГЫЗСТАН КЫЗМАТТАШТЫКТЫ ЫРААТТУУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КЫЗЫКДАР

Президент Садыр Жапаров Астана шаарында «Орусия — Борбордук Азия» Саммитинде Борбордук Азия өлкөлөрү жана Орусия менен мамлекеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү – Кыргыз Республикасы үчүн өлкөнүн жана элдин жалпы тарыхый мурасына, маданиятына, экономикасына, тилдик жана руханий салттарына жана баалуулуктарына негизделген артыкчылыктуу багыт болуп саналарын белгиледи.

«Кыргыз Республикасы соода-экономикалык, инвестициялык, транспорттук-логистикалык, энергетика, айыл чарба, миграция, маданий-гуманитардык тармактарда кызматташуунун негизги багыттарын комплекстүү өнүктүрүү боюнча биргелешкен күч-аракетте Борбордук Азия — Орусия форматындагы кызматташтыкты ыраатту өнүктүрүүгө кызыкдар», — деди Садыр Жапаров.

МИГРАНТТАРДЫН ИШКЕ ОРНОШУУСУНА ДАЛЕ ТОСКООЛДУКТАР БАР

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Россия Федерациясынын элдеринин ортосундагы тыгыз байланыштарды жана учурдагы экономикалык кырдаалды эске алуу менен, күн тартибиндеги актуалдуу маселелердин бири катары миграция маселесин көтөрдү.

Эмгек ресурстары экономикада өтө маанилүү роль ойногондуктан жарандардын иш менен камсыз болгон мамлекеттерде жөнөкөйлөштүрүлгөн каттоо тартибин түзүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

«Биздин жарандардын жумушка орношууга бирдей мүмкүнчүлүктөрү жана белгилүү артыкчылыктары болгону менен иш жүзүндө ишке орношууда дагы деле тоскоолдуктар бар. Ушуга байланыштуу бюрократияны жана кагаз жүгүртүүнү азайтуу максатында санариптик технологияларды ишке киргизүү, жумушчулардын жумушка орношкон мамлекеттерге оңой кирүү, каттоону жеңилдетүү, ошондой эле иштеп жаткан келишимдер алкагында медициналык жардамга жана камсыздандырууга толук жетүү укугун ишке ашыруу зарыл», — деди Садыр Жапаров.

АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА БИРДИКТҮҮ СТРАТЕГИЯ ЗАРЫЛ

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу маселеси азыркы күн тартибинин артыкчылыктуу багыттарынын бири экендигин айткан Садыр Жапаров, бүгүнкү күндө ар бир өлкө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун өзүнүн механизмдерин түзүүгө аракет кылып, өз алдынча чечүү зарылдыгына көңүл бурду.

«Келечекте, биздин көз карашта, азык-түлүк товарларынын мүмкүн болуучу тартыштыгын болтурбоо жана бири-бирин толуктоо үчүн ички рынокту коргоо жана импортту алмаштыруу боюнча ченемдик укуктук базаны шайкеш келтирүү боюнча биргелешкен практикалык чараларды көрүү зарыл», — деди.

Социалдык жана саясий туруктуулук менен азык-түлүктүн жеткиликтүүлүгү бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин, тамак-аш азыктарынын экспортуна жана импортуна карата колдонулуучу жасалма жол менен түзүлгөн тоскоолдуктар түрүндөгү чектөө чараларынын болбошу өтө маанилүү болуп тургандыгын да белгилеп өттү.

Ошону менен катар айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайын комплекстүү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү өлкөлөрүбүздүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бирдиктүү стратегияны биргелешип иштеп чыгуу зарылдыгын айтты.

КЫРГЫЗСТАН СУУ БОЮНЧА БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨМҮНДӨ ЛИДЕРЛЕРДИН БИРИ

Климаттын глобалдык өзгөрүүсүнүн шартында Кыргызстан бир эле учурда ресурсту үнөмдөөчү жана экологиялык жактан таза технологияларды киргизүү менен энергиянын кайра жаралуучу булактарына, биринчи кезекте гидроэнергетикага этап-этабы менен өтүүнү көздөп жатканын белгилеген Садыр Жапаров: "Кыргызстандын суу ресурстарынын энергетикалык потенциалы болжол менен 150 миллиард кВт саат деп баалангган, бирок бүгүнкү күндө биз өзүбүздүн мүмкүнчүлүгүбүздүн 10%дан азын пайдаланып жатабыз. Буга байланыштуу кыргыз тарап энергетика тармагына түз инвестицияларды тартуу, ГЭСтерди куруу жана энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү жаатында кызматташууну мындан ары да арттырууга кызыкдар. Ушул жылдын июнунда Камбар-Ата ГЭС-1дин курулушун баштоого старт бердим. Бүгүнкү күндө Казакстан менен Өзбекстан бул ГЭСтин курулушуна катышууга кызыкдар экенин ырасташты», - деди. Ал учурдан пайдаланып бардык башка инвесторлорду да гидроэнергетика комплексинде, анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принциптеринде өз ара пайдалуу инвестициялык кызматташууга чакырды.

Саммитке Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмон, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров катышып, жыйынтыгында Биргелешкен билдирүү кабыл алынды.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

ЭКОНОМИКАНЫН ТАРАЗА ТАШЫ

Экономика илимдеринин доктору, профессор Айылчы САРЫБАЕВ:

“АЙРЫМ САЯСАТЧЫЛАР ОРУС-КЫРГЫЗДЫН ОРТОСУНА ЧОК САЛУУГА КЫЗЫКДАР...”

Бүгүнкү күндөгү дүйнөдө болуп жаткан саясий, экономикалык кырдаал, мамлекетибиздеги акыркы окуялар ар бир жаранды ойлондурбай койбойт. Мындан улам, Экономика илимдеринин доктору, профессор Айылчы Сарыбаев менен экономикалык абал, инфляция, чек ара маселелери туурасында маек курдук.

- Айылчы Сарыбаевич, учурдагы дүйнөлүк экономикалык абалдын күңгөй-тескейине токтолсоңуз?

- Астанада 13-14-октябрда өткөн Азия өлкөлөрүнүн саммитинде сүйлөгөн президенттердин сөздөрү азыркы мезгилдеги экономикалык абалдын канчалык кооптуу экенин айгинелеп турат. Эмнегедир Батыш өлкөлөрү тынчтык жолу менен Россияны сылап-сыйпап, Кытайга окшоп жаратылыш байлыгын кошо пайдалануунун ордуна күчкө салууну артык көргөнү таң калтырат. Кытай экономикасы менен биринчи орунга чыгып, Индиянын арышы күн сайын эмес саат сайын кеңейе баштагандан бери дүйнөлүк экономика саясаты жаңы багытка бурулду. Батыш кризисти өз башына жок жерден үйүп алды. Кытай менен Индиянын экономикалык арышы, Россиянын согуштук жана экономикалык потенциалынын күчөшү мурунтан гегемон болуп башка өлкөлөргө акыл үйрөтүп келгендердин тынчын кетирип жатат. Анын үстүнө Россиянын жерине, жаратылыш байлыгына көз артуу жылдан-жылга күчөгөндөн күчөп баратат. Батыш СССРди таратып тим болбой, Россияны таратууга аракет кылаары белгилүү болчу. Муну жер байлыгын кайра бөлүштүрүү деп түшүнсөк болот. Анын кичинекей мисалы, Тажикстандын тынч жашабай Кыргызстанга кайра-кайра кол салышы. Чек арада жөн эле ок атылбайт. Бул бүтүндөй Баткенди жери, суусу менен кошо тартып алууга болгон аракет деп түшүнүү керек.

- “Биз өтө кооптуу аймакта турабыз. Батыштын күчтүү “оюнчуларынын” баары бизди Кытай жана Россияга каршы күрөштө колдонгулары келет. Ушуну унуткарбай тышкы саясатыбызды кылдат жүргүзүүгө тийишпиз” деген пикириңизди бир маегиңизден окуп калдым. Кыргызстанга Россия менен Украинанын ортосунда болуп жаткан согуш кедергисин тийгизбейби?

- Украина менен Россия согушу бул дүйнөнүн келечеги мурункудай эмес, башкача болот деген түшүнүктү билдирет. Мындан төрт жыл мурда жазган “Дүйнөлүк кайра бөлүштүрүү мезгилинде Кыргызстандын орду” деген макаламда айттым эле. Азыр дүйнөдө экономикасынын көлөмү боюнча Кытай биринчи орунга чыкты. Индия, Бразилия, Россия сыяктуу өлкөлөр абдан өнүгүп жатат. Ошондой эле Азия материгинде Индия, Кытай, Россия, Иран ядролук державалар. Булар канчалык күчтүү болгон сайын Батыш өлкөлөрү өздөрүнөн-өздөрү кооптонуп, бул мамлекеттер менен мындан аркы мамилебизди күч менен түзөбүз деген саясатка өтүп алган. Андыктан, алар өзүнүн тууганы, союздаш, тарыхы бир украин элин Россияга каршы тукуруу аркылуу Россиянын жаратылыш байлыгын тартып алуунун аракетинде болушууда. Болбосо “Путин, Путин” деген болбогон эле сөз. Бул жөн эле шылтоо. Негизги максат Россияны бөлүп, жаруу. Алардын ичинде 10-15 бизге окшогон майда мамлекеттерди куруу. Андан соң алардын баардыгын экономикалык жана согуштук жактан көз каранды кылып, жаратылыш байлыгын пайдалануу. Себеби, Россиянын байлыгын жүздөгөн жылдар эч ким түгөтө албайт. Ошол себептен башкы максат жаратылыш байлыгына көз арткандык болууда. Ал эми Кытай менен Индия экөө бириккенде элинин саны 3 млрддан ашты. Бул дүйнө элдеринин 40 пайызын түзөт. Эки өлкөнү мындан ары токтотуу мүмкүн эмес. Себеби 3 млрд калкты өздөрү эле товар менен жабдуу, өздөрүн инвестициялоо аркылуу өнүгүп кете беришет. Кытайдын экономикалык зор мүмкүнчүлүгү бүткүл дүйнө жүзүнө таралып жатат. Африканы, Түштүк Американы алды. Ал тургай Америка Кошмо Штаттарында ички инвестициялар Кытайга таандык. Кытай Америка менен ат салышып, бирдей деңгээлге келмек тургай андан озуп баратат. Анткени, Кытайда эмгек, Россияда жаратылыш байлыгы, Кыргызстанда электр энергиясы абдан арзан. Бир сөз менен айтканда Россия менен Украина согушу орустарды жок кылуу, алсыратып, аларды бийлеп алуу аракети. Эгерде орустар жеңилип калса, биздин Кыргызстанга өтө тескери таасирин берет. Муну көпчүлүк түшүнбөй “орустар жаман” деп жамандап жатышат. Орустар бизге жабышкан жок, аларга биз жабышып жатабыз. Алар “бизди келгиле” деп чакырган жок. Биз балдарыбызды “силерге барып иштесин, мүмкүнчүлүк, шарт түзүп бергиле, элибиз ачка, жумушсуз калды” деп 1,5 млн мигрантты Россияга жөнөттүк. Айрым сокур саясатчылар, эл ичиндеги караңгы адамдар же болбосо батыштын акчасы менен оокат кылып жаткандар орус-кыргыздын ортосуна чок салууга аракет кылышууда. Дагы бир маселе, Казакстан менен Кыргызстандагы орустар булар Сибирден келген таза орустар эмес. Булар тээ Екатерина II мезгилинен баштап казак талааларына, Кыргызстанга жиберилген, жер которгон адамдар. Булардын көпчүлүгү орус аталган украиндер. Алар орус-украин согушун терс кабыл алат. Андыктан, биздин Кыргызстан менен Казакстанда өтө чоң коркунуч бар. Ошондуктан тышкы саясатыбызды орус-украин согушуна байлабай, алыбызга жараша кылдаттык менен мамиле кылганыбыз оң. Айрымдар жаныбыздагы Кытайга каршы күүлөп “Кытайдын Синьцзян уйгур автоном облусунда жашаган кыргыздар начар жашайт экен. Алар түрмөгө түшүп жатыптыр. Бошотушубуз керек” деп ээлигип чыгып жатышат. Кытай деген 1,5 млрд калк. Кыргызды жаман атты кылып, оозуна келгенин айтып жаткан айрым адамдардын үнүн угуп, Кытайдын бул жакка инвестиция сала турган бай адамдарынын баары Тажикстанга, Өзбекстанга чыгып кетишкен. Бизге инвестиция салайын деген ою жок. Андыктан, башка өлкөлөрдүн атын атап, каралап жаткан адамдарды “кыргыздын душманы” дешибиз керек. Мамлекеттин тышкы саясатына жөн жерден кийлигишкенге болбойт.

- Доллардан баш тартуу маселесинде жылыштар бар дешет. Негизи эле доллардан баш тартууга кандай карайсыз?

- Доллардан баш тартуу, сомго өтүү бул биздин өзүбүздүн мыйзамыбызда бар. Улуттук банктын кабыл алган мыйзамына жараша Кыргызстанда өзүбүздүн сом менен иш жүргүзүшүбүз керек. Ал эми Американын доллары менен иш жүргүзсөк, анда биз ошол доллардын аз же көбүнө жараша көз каранды болуп калабыз. Андыктан бул кадыресе эле жакшы экономикалык, финансылык саясат.

- Баамыңызда өлкөдөгү Эл аралык валюта фонду кандай иш алып барууда?

- Эл аралык валюта фонду Кыргызстан менен 1994-жылы эле меморандумга кол койгон. Ошого жараша Кыргызстандагы болгон бардык мамлекеттик мүлк энерго сектор, тоо-кен, өнөр-жай айтор баардыгы жеке менчикке өтүшү керек болчу. Ар бир алмашылган президенттердин убагында өзгөчө А.Акаев, К.Бакиевдин мезгилинде биздин ГЭСтерди, энергетика системасын, тоо-кен тармагын менчиктештирүү аракети күч болду. Ал эми кийинки убактарда биздин бюджетти бекиткендер мамлекеттин бюджетинин долбоорун элден мурда, ошол эл аралык валюта фондусуна көрсөтөт. Алар макул болгондон кийин Жогорку Кеңешке алып келет. Тактап айтканда, биз эч качан өз алдыбызча бюджеттик саясат жүргүзгөн эмеспиз. Улуттук банктын программасы болсо дайыма дүйнөлүк банктын макулдашуусу менен түзүлөт. Дүйнөлүк банк “туура, кабыл ал” десе ошондой болот. Айтор биз формалдуу мамлекет болгонубуз менен бардык биздин финансы, кредит, акча саясатыбыз эл аралык финансы уюмдарына таандык.

- Көмүскө экономиканы ачыкка чыгарсак эле тышкы карыздан оңой кутулабыз дегенге ишенесизби?

- Көмүскө экономика бардык эле өлкөлөрдүн көйгөйү болуп келет. Анын ичинде биздин Кыргызстан да бар. Кыргызстандын экономикалык потенциалы абдан жогору. Эгерде уюштуруу иштерин жакшы алып барсак, коррупцияны жана көмүскө экономиканы жоё алсак ийгиликтер арбын болот. Көмүскө экономикада салык төлөнбөйт. Аны жоюу биздин эң биринчи максатыбыз болушу керек. Эгер ушул көйгөйдү жойсок, экономиканы ачыкка чыгарсак, экономиканын өнүгүүсүнө толук шарт түзсөк, анда албетте тышкы карыздан тез эле кутулабыз. Ал эми бизде эркин экономика. Эркин экономиканы жүргүзтүрбөй, ичиндеги толгон-токой жоболор, токтомдор, мен билем, мен кол коем дегендер толуп калган. Андыктан бизде ишкерликти жүргүзүү өтө татаал. Иш баштаарда талап кылына турган аныктамалар, дагы башка бир топ жоболор керектелет. Мындан улам, өсүп-өнүгүү болбой келет.

- “Кыргызстанда 2023-жылы инфляция 7,5 пайызга жетет” деген маалыматтар бар. Буга көз карашыңыз кандай? Кыргызстан рыногубузду өз өндүрүшүбүз менен камсыздай алабызбы? Канткенде экономикалык абалыбызды жөнгө сала алабыз?

- Инфляцияны өзүбүз жаратып жатабыз. Кыргыз Республикасы ички продукциясын, тамак-ашын, өзүн-өзү камсыздай ала турган өлкө. Тилекке каршы ушунун баардыгы элге каршы иштеп жатат. Кыргызстан эл үчүн эмес, эл мамлекет үчүн жашап жаткандай элес калтырып, ушундай түшүнүк пайда болуп калды. Эми албетте арасында анча-мынча аракеттер болгонсуп жатат. Бирок, негизги чоң маселелерди чечүү сыртта калууда. Ал эми инфляция болсо бизде негизинен импорт. Ал 70-80 пайызды түзгөндө сырттан келген товарлардын баасына жараша болуп калат. Өзүбүз дээрлик эч нерсе чыгарбайбыз. Экспортко кээ бир айыл чарба продукцияларын гана чыгарбасак, биз экспорттой турган эч нерсе деле жок. Алтынды деле бизге билгизбей алып кетишчү. Күмүш жана башка асыл таштарды деле бизге билгизбей чыгарып кетип, контрабанда катуу иштеп жатат. Инфляция 7,5-10 дегенибиз менен реалдуу инфляция 15-20 пайыз. Себеби, банктын проценти ошого жараша болот. Банктын проценти инфляциядан кеминде 15 пайыз жогору болушу керек. Ошондо азыр биздин банктын проценттери 30-35 болуп жатпайбы. Демек инфляция бизде 20 пайыз деп түшүнүш керек. Ошону жөн эле статистика комитетиби же башка органдарбы айтор формалдуу түрдө ооз учунан айтып коюп жатышат. Жакында “ички дүң продукция 8 пайызга өстү” деген маалымат кетти. Мен кайсы продукция өскөндүгүн түшүнгөн жокмун. Баа болсо 8 эмес, 18 пайызга өстү. Ага жараша алып карасак ички дүң продукция 8 эмес, 18 пайызга өстү деп айтууга болот.

- Акыркы учурдагы коңшу мамлекеттер менен болгон чек ара маселелери сизди да кайдыгер калтырбаса керек...

- Коңшу мамлекеттер менен болгон мамилени оңдобосок болбойт. Согушуп, мушташып айланабызда бир дагы өлкөнү жеңүүгө шартыбыз жок. Себеби, биз өзүбүз коррупцияга малынып калган, криминалдашкан өлкөбүз. Казактар эч качан бизге көз артпайт, тоскоолдук кылбайт. Тескерисинче биздин коррупционерлер, биздин криминалдар казактын коррупционер, криминалдары менен чогуу иштеп, чек арадагы проблеманы ошолор түзүп жатат. Өзбекстан, Кытай деле бизге эч кандай кыянатчылык кылган жери жок. Тажикстанда проблема бар. Себеби, Тажикстанды бизге күүлөп, түрткүлөп жаткан күчтөр бар. Аны айтсак ким экен алар, антпей эле тажиктер өздөрү эле деп ишенбейт. Тажикстан эч качан өзү даап, Кыргызстанга кол сала албайт. Чек ара чыры бул жөн гана шылтоо. Бул жерде чоң бир дүйнөлүк оюн жатат. Болгондо да чоң өлкөлөрдүн ортосундагы оюн. Жалгыз дарак эч качан токой болбойт. Эгер мамлекет башындагы адам тың, күчтүү, акылдуу болуп, айланасына да ошондой адамдарды чогултпаса, анда эч кандай оңолуу болбойт. Ошондуктан кошуна мамлекеттер менен мамиле кылаарда алар кимге таянып жатат, эмне үчүн мындай кадамга барууда деп анализ кылуусу кажет.

Жазгүл КАРБОСОВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ТАШ-КӨМҮР, КАРА-КӨЛ, ЖАЛАЛ-АБАД, СҮЛҮКТҮ, БАТКЕН, ЛЕЙЛЕК ЖАНА ПАНФИЛОВ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештерде депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын – Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаардык кеңеши боюнча;
- Кара-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын – Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаардык кеңеши боюнча;
- Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын – Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаардык кеңеши боюнча;
- Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын – Баткен облусунун Лейлек районундагы Раззаков шаардык кеңеши боюнча;
- Панфилов аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Панфилов районундагы Кайыңды шаардык кеңеши боюнча;
- Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын – Баткен облусунун Сүлүктү шаардык кеңеши боюнча;
- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын – Баткен облусунун Баткен районундагы Кыштут айылдык кеңеши боюнча.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Таш-Көмүр, Кара-Көл, Жалал-Абад, Сүлүктү, Баткен, Лейлек жана Панфилов аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кэ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Таш-Көмүр, Кара-Көл, Жалал-Абад, Сүлүктү, Баткен, Лейлек жана Панфилов аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

4. Таш-Көмүр, Кара-Көл, Жалал-Абад, Сүлүктү, Баткен, Лейлек жана Панфилов аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

5. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 14-октябры, №91

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 14-октябрындагы №91 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз
Жалал-Абад облусу			
Таш-Көмүр шаары			
1.	Таш-Көмүр шаардык	Мырзаканов Самат Кылычбекович (№10) «Жаштар» депутаттык фракциясы	№13, 12.10.2022-ж. (13.09.2022-ж. - өз арызы)
2.		Арстанбеков Асылбек Өмүркулович (№17) «Жаштар» депутаттык фракциясы	№14, 12.10.2022-ж. (13.09.2022-ж. - өз арызы)
Кара-Көл шаары			
3.	Кара-Көл шаардык	Каракожоев Темирлан Куржунбаевич (№1) «Бирге-Вместе» депутаттык фракциясы	№05, 05.10.2022-ж. (Кара-Көл жарандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү тарабынан берилген өлгөндүгү туралуу күбөлүк берилген күнү - 09.09.2022-ж., №KGZ07 0203506, №109);
Жалал-Абад шаары			
4.	Жалал-Абад шаардык	Мадумаров Шерзод Азимжанович (№13) «Ата-Журт Кыргызстан» депутаттык фракциясы	№5, 06.10.2022-ж. (03.10.2022-ж. - өз арызы)
Баткен облусу			
Сүлүктү шаары			
5.	Сүлүктү шаардык	Муминов Асылбек Жаныбаевич (№11) «Өнүгүү-Прогресс» депутаттык фракциясы	№4, 11.10.2022-ж. 06.10.2022-ж. - өз арызы)
Баткен району			
6.	Кыштут айылдык	Бекчеев Аширбай Сатыбалдиевич	№44, 05.10.2022-ж. (12.09.2022-ж. - өз арызы)
Лейлек району			
7.	Раззаков шаардык	Туракулов Хатам Ахрарович (№8) «Мурас» депутаттык фракциясы	№20, 07.10.2022-ж. (08.09.2022-ж.- өз арызы)
Чүй облусу			
Панфилов району			
8.	Кайыңды шаардык	Ракымбаев Женишбек Мэлсович (№2) «Тынчтык» депутаттык фракциясы	№20, 06.10.2022-ж. (26.09.2022-ж. - өз арызы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 14-октябрындагы №91 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Жалал-Абад облусу				
Таш-Көмүр шаары				
1.	Таш-Көмүр шаардык	Сооронбаев Кайрат Манасбекович (№17) «Жаштар» саясий партиясы	Жеке ишкер	№13, 12.10.2022-ж. (16.09.2022-ж. - «Жаштар» саясий партиясынын чечими)
2.		Курманалиев Даирбек (№34) «Жаштар» саясий партиясы	Убактылуу иштебейт	№14, 12.10.2022-ж. (16.09.2022-ж. - «Жаштар» саясий партиясынын чечими)
Кара-Көл шаары				
3.	Кара-Көл шаардык	Жардамов Садык Орозматович (№7) «Бирге-Вместе» саясий партиясы	Убактылуу иштебейт	№05, 05.10.2022-ж.
Жалал-Абад шаары				
4.	Жалал-Абад шаардык	Эргешов Байгазы Анаркулович (№26) «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы	Жеке ишкер	№5, 06.10.2022-ж. (05.10.2022-ж. - «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын чечими)
Баткен облусу				
Сүлүктү шаары				
5.	Сүлүктү шаардык	Эрназаров Максытбек Садирович (№14) «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясы	Убактылу иштебейт	№4, 11.10.2022-ж. (06.10.2022-ж. - «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынын чечими)
Баткен району				
6.	Кыштут айылдык	Айдаров Нуридин Примович	«Таян Таза Суу» коомдук бирикмесинин башчысы	№44, 05.10.2022-ж.
Лейлек району				
7.	Раззаков шаардык	Кузиев Алимжон Умаралиевич (№13) «Мурас» саясий партиясы	Жеке ишкер	№20, 07.10.2022-ж. (08.09.2022-ж. - «Мурас» саясий партиясынын чечими)
Чүй облусу				
Панфилов району				
8.	Кайыңды шаардык	Бейшебаев Руслан Искакович (№4) «Тынчтык» саясий партиясы	ОсОО «Жумадил», механик	№21, 06.10.2022-ж.

ПОСТАНОВЛЕНИЕ

ЦЕНТРАЛЬНОЙ КОМИССИИ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ПРОТОКОЛЕ КАДАМЖАЙСКОЙ ТЕРРИТОРИАЛЬНОЙ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ КОМИССИИ О РЕЗУЛЬТАТАХ ВЫБОРОВ ДЕПУТАТОВ МАЙДАНСКОГО АЙЫЛНОГО КЕНЕША КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ, СОСТОЯВШИХСЯ 9 ОКТЯБРЯ 2022 ГОДА

9 октября 2022 года состоялись выборы депутатов Майданского айылного кенеша Кадамжайского района Баткенской области, назначенные Указом Президента Кыргызской Республики от 9 августа 2022 года УП №280.

В соответствии со статьями 10, 11 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей» для проведения выборов депутатов Майданского айылного кенеша Кадамжайского района Баткенской области были образованы 5 избирательных округов, организованы 5 избирательных участков для голосования.

В Майданском айылном кенеше количество депутатских мандатов - 21, из них для женщин в округах зарезервировано 9 мандатов. Зарегистрированы 44 кандидатов, из них 11 женщин-кандидатов.

Кадамжайская территориальная избирательная комиссия на основании протоколов об итогах голосования 5 участковых избирательных комиссий, установила итоги голосования и определила результаты выборов депутатов Майданского айылного кенеша Кадамжайского района Баткенской области.

В список избирателей включены 8120 избирателей, из них в голосовании приняли участие – 3130 избирателей, что составляет 38,55%.

Избраны 21 депутатов, из них 9 депутатов-женщины.

В период подготовки и проведения выборов депутатов Майданского айылного кенеша Кадамжайского района Баткенской области жалоб и заявлений не поступало.

В соответствии с пунктами 2, 27 части 1 статьи 4 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики», статьями 37, 38, 40, 51, 59-1, 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей», Центральная комиссия по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики

ПОСТАНОВЛЯЕТ:

1. Утвердить протокол Кадамжайской территориальной избирательной комиссии о результатах выборов депутатов Майданского айылного кенеша от 12 октября 2022 года (прилагается).

2. Опубликовать настоящее постановление в газете «Эркин-Тоо» и разместить на официальном сайте Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики.

3. Направить копию данного постановления в Кадамжайскую территориальную избирательную комиссию и Майданский айылный кенеш.

4. Кадамжайской территориальной избирательной комиссии после опубликования результатов выборов в 3-дневный срок зарегистрировать избранных депутатов Майданского айылного кенеша и вручить им удостоверения, нагрудные знаки установленных образцов.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на заместителя председателя Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики Т.Шайназарова.

ПРЕДСЕДАТЕЛЬ Н.ШАЙЛДАБЕКОВА

г. Бишкек, 17 октября 2022 года, №93

ВЫБОРЫ ДЕПУТАТОВ МАЙДАНСКОГО АЙЫЛНОГО КЕНЕША КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ
9 октября 2022 года

ПРОТОКОЛ
О РЕЗУЛЬТАТАХ ВЫБОРОВ ДЕПУТАТОВ МАЙДАНСКОГО АЙЫЛНОГО КЕНЕША КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

Определение результатов выборов депутатов Майданского айылного кенеша

I. Выборы депутатов Майданского айылного кенеша от 9 октября 2022 года признать состоявшимися (Протоколы об итогах голосования и сводная таблица об итогах голосования прилагаются).

II. Итоги голосования по выборам депутатов Майданского айылного кенеша установлены и представлены в таблицах №1, 2, 3, 4, 5:

Таблица №1

- №1 Кара-Жыгачский избирательный округ (УИК №8110, 6 мандатов)

Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной комиссией – 2 313.
Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном участке – 2 311.
Число погашенных избирательных бюллетеней – 1 542.
Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней – 771.
Число действительных избирательных бюллетеней – 765.
Число недействительных избирательных бюллетеней – 6.

№	Фамилия, имя, отчество кандидатов	Число голосов избирателей (по убыванию), поданных за кандидата
1.	Кудайкулов Ренат Паязович	453
2.	Полотов Нурбек Боркошович	386
3.	Жаналиев Шайбек Жолдошбаевич	336
4.	Насиров Абдижамил Жусупович	289
5.	Тагаев Мирзаакмат Абдиразакович	260
6.	Амираев Нургазы Авазович	227
7.	Анарбаев Самат Турдалиевич	221
8.	Темирова Мөтаархан Таштемировна	182
9.	Амизаев Женишбек Юсупович	156
10.	Жунусалиев Галмамат Абсаматович	143
11.	Муратова Латифа	32
12.	**«Против всех»**	**0**

Таблица №2

- №2 Майданский избирательный округ (УИК №8111, 5 мандатов)

Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной комиссией – 1 901.
Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном участке – 1 886.
Число погашенных избирательных бюллетеней – 1 216.
Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней – 685.
Число действительных избирательных бюллетеней – 674.
Число недействительных избирательных бюллетеней – 11.

№	Фамилия, имя, отчество кандидатов	Число голосов избирателей (по убыванию), поданных за кандидата
1.	Анипаев Бурканидин Айтмаматович	292
2.	Заиров Бакытбек Осмоналиевич	277
3.	Бакиров Каныбек Садылович	274
4.	Турсунов Ысак Сайфутдинович	273
5.	Мамбет уулу Сражидин	268
6.	Маматалиев Каныбек Калдарович	206
7.	Асанов Исматилла Абытович	162
8.	Топчубаева Турсунай Жамшитовна	157
9.	Салиев Абдиназар Урайымович	137
10.	Садирова Тамара Сатвалдиевна	63
11.	**«Против всех»**	**1**

Таблица №3

- №3 Кароолский избирательный округ (УИК №8112, 2 мандата)

Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной комиссией – 611.
Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном участке – 605.
Число погашенных избирательных бюллетеней – 264.
Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней – 347.
Число действительных избирательных бюллетеней – 346.
Число недействительных избирательных бюллетеней – 1.

№	Фамилия, имя, отчество кандидатов	Число голосов избирателей (по убыванию), поданных за кандидата
1.	Абдукаримов Токтобай Чакабаевич	281
2.	Нишанов Айдарали Таштанович	97
3.	Албекова Мавлудахон Жолдошовна	35
4.	**«Против всех»**	**2**

Таблица №4

- №4 Сары-Алтынский избирательный округ (УИК №8153, 4 мандата)

Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной комиссией – 1 752.
Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном участке – 1 760.
Число погашенных избирательных бюллетеней – 1 062.
Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней – 690.
Число действительных избирательных бюллетеней – 681.
Число недействительных избирательных бюллетеней – 9.

№	Фамилия, имя, отчество кандидатов	Число голосов избирателей (по убыванию), поданных за кандидата
1.	Шерматов Эркинбай Таштанович	270
2.	Токтосунов Келдибек Каримкулович	232
3.	Каримов Авазбек Абдувафович	210
4.	Джусупалиев Абдижамбил Насирович	187
5.	Тагаев Жолдошали Ажикулович	178
6.	Кутбаева Назгул Шамшиевна	150
7.	Ибрагимов Асраридин Абдумажитович	122
8.	Аширова Алмакан Тилековна	112
9.	Хайиткулова Ойжамол Исмоиловна	84
10.	**«Против всех»**	**1**

Таблица №5

- №5 Исамариямский избирательный округ (УИК №8195, 4 мандата)

Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной комиссией – 1 550.
Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном участке – 1 558.
Число погашенных избирательных бюллетеней – 913.
Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней – 637.
Число действительных избирательных бюллетеней – 631.
Число недействительных избирательных бюллетеней – 6.

№	Фамилия, имя, отчество кандидатов	Число голосов избирателей (по убыванию), поданных за кандидата
1.	Давлятов Сапарали Эргашович	263
2.	Тагаев Бейшен Абдилатович	255
3.	Сатарова Абиба Сайпидиновна	245
4.	Сулайманов Алмазбек Бегалиевич	245
5.	Отонбаев Рахман Абибиллаевич	241
6.	Эрматов Азатбек Эргешович	233
7.	Калыкова Саадат Асанбаевна	191
8.	Нурматов Апсамат Саитович	144
9.	Маматалиева Назира Абдиллаевна	99
10.	Муса уулу Бекзат	91
11.	Ташполотов Уланбек Дыйканович	63
12.	**«Против всех»**	**0**

III. Определить следующие результаты выборов:

1. №1 Кара-Жыгачский избирательный округ (УИК №8110, 6 мандатов)

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 2 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Темирова Мөтаархан Таштемировна
2. Муратова Латифа

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 3 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Кудайкулов Ренат Паязович
2. Полотов Нурбек Боркошович
3. Жаналиев Шайбек Жолдошбаевич
4. Насиров Абдижамил Жусупович

2. №2 Майданский избирательный округ (УИК №8111, 5 мандатов)

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 2 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Топчубаева Турсунай Жамшитовна
2. Садирова Тамара Сатвалдиевна

(Продолжение на 12-ой стр.)

(Начало на 11-ой стр.)

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 3 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Анипаев Бурканидин Айтмаматович
2. Заиров Бакытбек Осмоналиевич
3. Бакиров Каныбек Садылович

3. №3 Кароолский избирательный округ (УИК №8112, 2 мандата)

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 2 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Албекова Мавлудахон Жолдошовна

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 3 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Абдукаримов Токтабай Чакабаевич

4. №4 Сары-Алтынский избирательный округ (УИК №8153, 4 мандата)

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 2 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Кутбаева Назгул Шамшиевна
2. Аширова Алмакан Тилековна

Признать избранными депутатами в соответствии с частью 3 статьи 62 Закона Кыргызской Республики «О выборах депутатов местных кенешей»:
1. Шерматов Эркинбай Таштанович
2. Токтосунов Келдибек Каримкулович

